Жекшен Жетиген

КУЛСАРА

г. Кара-Балта
2000-ж.

Жекшен Жетиген



КҮЛСАРА

(даректүү баян)

г. Кара-Балта
2000-ж.

Бул даректүү баянда кыргыздын чыгаан кыздарынын бири, Баатыр эне, даңазалуу кызылчачы, Социалисттик Эмгектин Баатыры СУЛАЙМАНОВА КҮЛСАРА АБДЫЛДА кызынын эмгек жана турмуш жолу далилдүү чагылдырылган.

© Ж. Ж. Турусбеков





70

Күндү тоскон талаадан
Үйүндө - кут баладан
Лаззат атын актаган
Сыйлап эли мактаган
Ак эмгекти ар качан
Рухтай бийик кармаган
Атак-даңкты арбаган.



АЛГЫ СӨЗ

Биз кыргыз жергесин асман тиреген Ала - Тоосуз элестете албаганыбыздай эле, эрдик жана эмгек жөнүндө сөз болгондо бүтүндөй өмүрүн, күч - кубатын Мекенге кызмат кылууга арнаган азамат уул - кыздарыбызды эстей тургандыгыбыз анык. Илгери, тигил же бул айылдын даңкын сулуу кыз же күлүк ат чыгарып келген болсо, кийинки учурда эрдиги жана чыгаан эмгеги менен эл оозуна чындап алынган азаматтар даңаза кылууда.

Айталык, биз жашап жана эмгектенип жаткан Панфилов аймагы кыргыздын залкар акыны Алыкул Осмонов жана "Социалисттик Эмгектин Баатыры", ошондой эле "Баатыр эне" Күлсара Сулайманова менен сыймыктанат. Мына ушул инсандардын ысымдарын укканда жердештеримдин ар кимисинин мактаныч сезими көкүрүгүндө козголуп кетерине кепил боло аламын. Ата Журтубуздун бүткүл дартын өз моюнуна алгысы келген Алыкул агабыздын ырларынын ар бир сабы жүрөгүбүздүн түнөгүнөн орун алып келе жаткандыгын жашыра албайбыз.

Ар бир адамдын чыныгы эрдиги жана чыгаан эмгеги калк тарабынан так таразаланып, элдин татыктуу баасын алууга тийиш. Ошондо гана чыгаан эрдик жана эмгек эл арасында аңыз болуп, муундан - муунга өтө бермекчи. Жарыкчылыкта отуз беш жыл гана жашап, эл - журтуна, адабият ышкыбоздоруна залкар чыгармаларын мурас катары калтырып кеткени канчалык...

Алыкулдун (1915 - 1950-жж) эстелигин жана музейин 75 жылдыгына карата, жарым кылымга жакын мезгилден кийин гана тургуза алгандыгыбызды ачык эле айткандыгыбыз оңго. Мага жердештик ар намысым ар убак тынчтык бербей келет. Акын агабыз жөнүндө айрым калемгерлердин мажүрөө пикири, имиш - имиш кептери катуу ардантып, ага жооп катары он беш жылдай изилдөө - иликтөө иштеримдин натыйжасында эки китептен турган "Алыкулга таазим" даректүү баянымды жарыкка чыгарууга аргасыз болгонумду жердештерим билет го деген ишеничтемин.

Менин оюмча кыргызга Алыкулдай залкар акынды тартуулаган Каптал - Арык айылы аймагыбыздагы гана эмес, бүтүндөй кыргыз жергесиндеги куттуу, кыдыр жылоологон айылдардын бири десем

жаңылышпайм. Анткени, ата - энеден томолой жетим калып, балдар үйүндө тарбияланып, жазган ырлары республикалык басма сөздөргө чыгып, ары татаал, ары жооптуу акындык чыйырды чындап тандап алган Алыкул туура он бешке толгондо, 1930 - жылы анын айылында дагы бир жылдыз кыргыздын бактысына жанды. Ал - ак эмгеги менен ушунчалык даражага жеткен, Күлсара Сулайманова апабыз. Атактуу кызылчачы жана он эки баланы тарбиялап өстүргөн "Баатыр эне" атыккан Күлсара эжебиз быйыл жетимиш жашка толду.

Мына ушул чакан Каптал - Арыктан чыккан кош жылдыздын жарыгы кыргыз жүзүнүн ажарын ачып тургандыгынан эч күмөн санабайм. Ошондо бири томолой, экинчиси арсыз жетим калышкан: кара тоголок баланын - поэзия майданын, шадылуу, өткүр кыздын - кызылча талаасын тандап алышып, кыргызга ушунчалык аброй алып келе тургандыктарын замандаштары туйушту бекен? Арийне, экөө тең чымырканган өжөрдүк, кайратман эмгек менен көрүнүктүү атуулдарыбыздан болуп калышты. Анан кантип бүтүндөй өмүрү гана эмес, ак ниет эмгеги, замандаштырына болгон мамилеси менен оозго алынып, өкмөт тарабынан татыктуу сыйлыктарын алып жатышса, сөз кылбай кое алабыз?

Ата - эненин үмүтүн актоо, эл керегине жароо максатын көздөп, казак жергесиндеги аскердик жогорку окуу жайда окудум, орус, бурят, өзбек, түркмөн жергелеринде болдум. Ооган элинин эркиндигин жана көз каранды эместигин коргоо биздин муунга туш келгендиги жалпыга маалым. Канчалаган курбу - курдаштарыбыздан, ден - соолуктан айрылдык. Мөгдөп калбастан дале болсо аруу тилектерди аткаруунун аракетиндемин. Кайсы жерде, кайсы элдин жана улуттун өкүлү менен баарлашып калбайын, Алыкул аганын жана Күлсара эженин ысымдары менен сыймыктанып да, мактанып да келгенимди жашыргым келбейт.

Чындыгын айтканда Сулайманова Күлсара эженин "Эмгектин Баатырдыгы" эмес, он эки бала төрөп, ушунчалык даражага жеткендиги маектештеримди таң калтырчу. Ошентип, өзүбүздүн эле аймагыбыздагы Каптал - Арык айылынан бүлбүл жанып, анчалык алыс эмес Жайылма айылында жаркыраган жылдызыбыз - Күлсара эжекебиз кыргыз журтуна гана эмес, Бүткүл Союздун курамына

кирген элдин катмарына кеңири белгилүү экендиги талашсыз чындык. Ал тургай чет элдиктерге да белгилүү экендигин басма сөз каражаттары жана фотосүрөттөр ырастап тургандыгына күбө боло алабыз.

Бир караганда мына ушунун баарысы оңой - олтоң эле жетишилгендей көрүнөт. "Баатырдын атын алыстан ук, жанына келсең бир киши" дегендей пенде катары эжекебиздин башынан эмне гана өткөн жок. Жетимчиликтин азабы мындай турсун, он эки бала төрөп, алардын ичинен экөөнү бойго жетип калышкан маалда тигил дүйнөгө өз колу менен узатыш эне үчүн канчалык түйшүк экенин айтпасак да өзүнөн - өзү түшүнүктүүдүр. Жокчулукту жана кыйынчылыкты өз башынан кечирген, бала түйшүгүн башкалардан артык билген жан катары бардыгын кызылча талаасынан чыгаргандай...

Мындан он жыл мурда атайын чөнтөк дептер ачып, эже менен баарлашып, өз колунан даам сызганыман улам атактуу кызылчачы, "Баатыр эне" жөнүндө аңыз - кеп айтуу менин кесиптик жана жердештик парзым го деп ойлойм Баатырдын эң эле жөнөкөйлүгү жана карапайымдыгы, кең пейилдиги жана мээнеткечтиги таң калтырат. Дүйнөнү дүңгүрөткөн Союз маалында "Социалисттик Эмгектин Баатыры" атыккан "Баатыр энелер" саналуу гана болсо, биздин кылымда кыргыздын бактысына жанган жылдызы - Күлсара эжебиздин энелик эрдиги жана эбегейсиз эмгеги эч качан унутулбайт.

Кыргыз өкмөтүнүн атайын чечими менен кош алтын жылдызды төшүнө тагынган Күлсара эжебиздин 70 жылдыгы - мааре ке тою ушул жылдын күзүндө белгиленмекчи. Аймагыбыздын атагын алыска чыгарган, Баатыр эжебиз жөнүндөгү даректүү баян назарыңыздарда.

АВТОР.

АККАН СУУДАЙ КҮНДӨР ӨТТҮ АГЫЛЫП

Кылым карыткан элибизде учурашкандан кийинки эле суроо "Кайсы жерден, кайсы элден болосуң?" деген сукбат экени баарыбызга жакшы белгилүү. Кийинки мезгилде, өзгөчө айкындуулуктун шарданы менен тигил же бул инсан жөнүндө сөз болгондо, сөзсүз, санжырага да кайрылып жүргөндүгүбүз калк тарабынан жылуу кабыл алынып жүрөт. Кылымдан - кылымга, муундан - муунга өтүп келе жаткан санжырабыздын салты боюнча аталык жол айрыкча даңазаланып, эне-кыз баланын ысымы этибарга алынбагандыгы кашкайган чындык. Бирок, кийинки мезгилде элибиздин чыгаан уулдары менен катар эле кыздарыбыз жөнүндө ата - тек туурасында сөз кылсак ашыктык кылбагандай.

Албетте, кыргызга Алыкулдай залкар акынды жана ошондой эле өкмөтүбүздүн эң жогорку сыйлыгына татыктуу болуп, кош алтын жылдызды төшүнө тагынган Баатыр кызыбыз - Абдылда кызы Күлсараны тартуу кылган аймагыбыздагы Каптал - Арык айылынын таржымалына токтоло кетсек. Ооба бул чоң жолдун боюндагы айылдын азыркыдай жайгашышына коллективизация мезгили жана республикалык маани-деги автожолдун курулушу чоң таасирин тийгизгендиги талашсыз. Башкасын айтпаганда дагы залкар акындын чыгармаларынан эле бул мурда "Карагоо" деп аталган жер экендигин кездештиребиз.

Ырасында да, карылардан сурамжылап көрсөк мурда тоо тараптан ылдый аккан суулар жеген коктулар айылдын туш тарабында созулуп жатчу экен. Алардын айланасындагы ээң талаанын чөбү чыкпай, суунун бирде ашып, бирде тартылып карайып жаткандыктарынан улам "Карагоо" атыгып калган дешет. Коллективизация, бириккен чарбаларды түзүү мезгилинде кокту - колоттордо эркин агып жаткан сууларды сугат иштерине пайдалануу максатында байламталар курулуп, ушул коктудан обочороок жердеги өзөнгө кошуу аракети менен айылдын жогорку жагынан капталдата арык казышкан. Ошондон улам бул жер Каптал - Арык деп аталып калгандыгын жергиликтүүлөр бир ооздон айтышат. Бул айылдын тоо тарабында жайгашкан Кум - Арык, Орто - Арык, ал эми канатташ орун алгач Панфилов, Кайыңды кыштактарынын орто чендеринде

калк жашаган журт болгондугун байкоо кыйындыкка турбайт. Кийинки кезде гана чарбаларда бош калган жерлердин баарысын айдоо аянтына айлантуу күч алгандан улам, азыркы жаштарыбыз үчүн аныктоо жеңил эмес болушу ыктымал.

Дегеле биздин Панфилов аймагындагы гана эмес, дээрлик кыргыз жергесиндеги айыл - кыштактардын, шаарлардын азыркыдай жайгашып калышы өткөн кылымдын башталышында, таасын айтканда, Октябрь революциясынан кийин калыптангандыгы талашсыз чындык. Карт тарыхтын калың барактарына серп салсак Улуу ынкылаптан кийин жер - жерлерде өнөр жай ишканаларын улутташтыруу, бай - манаптардын жерин жана малын ортокко алып, комунналарды, артелдерди, кооперацияларды, колхоз - совхоздорду түзүү күч алгандыгы белгилүү.

Кең өлкөбүздө, кыргыз жергесинде дал мына ушундай коомдук-саясый өзгөрүүлөр болуп жаткан чакта, 1930 - жылдын алгачкы күнүндө Жайыл уулу Абдылда менен Мүсүраалы кызы Шаарбаланын үйүндө ымыркайдын ыңаалаган үнү жаңырды. Атайын чакырылган айылдык молдо азан айтып, "менден эмес, Кудайдан" деп наристеге "Күлсара" деген ысым ыйгарган. Азыр ойлоп олтурсак айылдык молдоке көзү ачыктык кылган экен деген пикир туурадай көрүнөт. Иран тилинен которгондо "Гүл" - кадимки эле байчечекейди, гүлдү, ал эми "Сара" - мыкты, жакшы, чыгаан" дегенди билдирет экен. Демек, кычыраган кыш маалында ыңаалап жерге түшкөн кыздын чыгаан аялзатынан боло тургандыгын ошондо эле баамдаган тура жарыктык.

Анда Кайыңды тоосунун коен - жатагына чейин билген Абдылда көпчүлүктүн камын көрүп, аңчылыкка кеткен болчу. Кыздуу болгондугун инилери Тумаш, Сабырбек сүйүнчүлөштү. Ал кубанганынан олжосун кармата берип, мылтыгын асынган, камчысын сүйрөгөн бойдон жатагына жөө жаландап келген эле. Анын да себеби бар. өмүрлүк жары он үч бала төрөп, бирок, баары токтобой Шаарбаланын оорукчан болуп калгандыгы абдан кейите турган. Ошондон улам аялынын да, баланын да аман - эсендигин Теңирден тилеп, ашыга келгендигинин жөнү ушундай.

Жайыл уулу Абдылда солто элинин суумурун уруусунан

болот. Демек, кыргыз элине эбегейсиз аброй алып келген Күлсара эжебиздин атасы - Абдылда, чоң атасы - Жайыл, бабасы - Барак, андан ары - Тообай - Кенебай - Үчем - Кашкулак - Нурмамбет деп айтыла тургандыгын айыл аксакалдарынан эшиттик. Жайылдын - Абдылда, Жапаркул, Тумаш, Жамаке деген төрт баласы тең мергенчи - аңчы, тузакчы - капканчы болушкандыгын аймагыбыздагы карыялар бир ооздон айтышты. Ал тургай, Абдылда жаңы заманга шайкеш бак - шакты тиккен багбанчы, короосуна коон - дарбыз айдаган дыйкан катары да белгилүү болгон. Ал эми иниси Жамаке - ээр чапкан усталыгы, булгаары ултарып өтүк тиккени, кийим бычканы менен эл оозуна алынган. Жайылдын төрт уулунун мына ушундай өнөрлөрү өкмөтүбүз тарабынан калыс бааланып, согуш мезгилинде кыйналып турган элди эт менен камсыз кылып туруу максаты менен казатка катышуудан бошотулушкан экен.

Жайылдын тун уулу Абдылдадан -Бүбайша, Гүлсара, Зарылбек. Жапаркулдан - Эсенбек, Тумаштан - Сабырбек, Урунбек, Жамакеден - Кадырбек, Надырбек, Жолдошбек.

Компартиянын XV съездинин (1927-ж) тарыхий чечимдерине ылайык көчмөн калкты отурукташтыруу, майда чарбаларды, артелдерди, комунналарды, жерди иштетүү боюнча шериктештиктерди /ТОЗ/, андан ирилештирилген - бириккен чарбаларды уюштуруу күч алып турган убак. Жаңы мезгилдин талабын туура түшүнгөн аң - сезимдуу атуулдар кыргыздын кедей - кембагалдарынын арасынан да чыккандыгы белгилүү. Биз сөз кылып жаткан Карагоодо батрактардын, кембагалдардын артелин уюштурууга Курмушуев Алымкул сыяктуу адамдардын салымы зор. Учурунда калк арасында кадыр - баркы бар Максыбаев Кадыркул, Токторбаев Жумалы, Малтаев Ниязбек, Дыйканбаев Шаршебай сыяктуу атуулдар чакан артель - чарбаларды башкарып келишкен.

Ушул күндө кыргыздын залкар акыны Алыкулдун эстелиги жана музейи жайгашкан жерде эски имарат мечитке айландырылып, өзүнчө аймагыбыздагы ажайып жай катары кастарланып келе жаткандыгына баарыбыз күбөбүз. Бул мектеп 1929 - жылы курулган. Аны тургузууга Ахметжан деген татар киши көп күч жумшагандыгын айтышат. Айылдагы алгачкы башталгыч мектебине 1932 - жылга

дейре Темиркулов Иманкул агай жетекчилик кылган. Убагында карангы калктын сабатсыздыгын жоюуга, жаштарды илим - билимге үндөгөн - мыкты уул - кыздардын уядан учуп чыгышына шарт түзгөн бул мектептин имараты бузулбастан, элди ыймандуулукка тарбиялаган жайга - мечитке айландырылганы кубандырбай койбойт.

Мына ушул мектепке барып, "эмдиги жылы окуйм" деп талпынып турган Күлсаранын эсинен кеткис окуяга тушукканын карачы, аттиң. Анын алтыга толуп кол арага жарап, он айлык иниси Зарылбектин ороо - чулгоосун ооштурганын, ыйласа колуна алып көтөрө чуркап соороткону көрүп энеси Шаарбаланын жүрөгү элжиреди. Экинчи жагынан көптөн бери кыйнаган илдети акыры койбой тургандыгына көзү жетип кыжалат боло турганын секелек кыз кайдан сезсин. Энесинин көптөн бери оорулуу экенин кыз билчү. Бирок, мектепке бара элек аны, жерден боорун которо элек Зарылбекти зар какшатып шум ажал алардын үйүн акмалап келгенин кайдан туймак.

Эне кызын абдан эркелетти. Ошол күнү энесинин бетинен сылаган колунун илеби, алсыз үнү, эң эле ажарлуу жана мээримдүү жүзү ушул күнгө дейре кыздын эсинде. Чебелектенип энесинин жанынан чыкпайт. Бир оокумда: "Барагой, тышка ойноп келгилечи, кагылайындарым! Атаңды, чоң апаң, жеңелериң чакырып койчу", - деген энесинин алсыз үнүн илгиртпей түшүнгөн кыз тышка тыз койду. Курган эне Кудайга жалынып, "ушул бармактай уул - кызымды бирин - бирине караан кылып аман - эсен кыла көр" деп оор үшкүрүнүп, боюн түзөй баштады. Аялдардын ыйлаган ачуу үнү, атасынын "Эсил кайдан көрөйүн..." деген өкүргүү кыздын кулагына шак дей түштү.

Ызы - чуу эле түшүп калышты. Ымыркайдын ыйлаганын, секелек кыздын боздогонун, боз үйдүн жанында бүлкүлдөгөн бөйрөгүн таянып өкүрүп турган Абдылданы көргөн көпчүлүктүн зээни кейип турду. Ый үч күндөн кийин эле басылды. Мүсүраалы кызы Шаарбаланы 37 де деп коюшту. Муштумдай бала, чыканактай кыз атасы менен кала берди. Балдарынын акыбалын көргөн ата жүрөгү канап турду. Тагдырдын жазмышы экен. Жаны үзүлөрдө жарынын ырааздылык сураганы, жалбарыңкы жүзү, "...балдарды кара" деген өтүнүч кеби өзөгүн өрттөп, көбүнесе көз алдына тартыла турган. Ал ички бугун тоо-таш аралап аңчылыктан чыгарган өңдүү.

Жети сегиз жылдай бой жүрдү.

Илгери азыркыдай ар бүлөнүн өзүнчө там - жай күтүүсү кайдан. Бирок, Жайылдын балдары абдан ынтымактуу эле. Аңчылык кылгандары Жарлуу - Кайыңды тоосундагы Айнакенин оозунда турушса, калгандары - айылдагы жалпак тамда. Бир тууган деген кыйын экен. Күлсара менен Зарылбек атасынын иниси Тумаштын колунда болушту. Ал балдардын ою менен болгон, кемпири - боорукер, бирөөгө жаман түгүл катуу айтпаган жан эле. Тумаш менен Анапия гана эмес, алардын тун уул - келини Сабырбек менен Уулбек Күлсара менен Зарылбекке байке - жеңе эмес, экинчи ата - энедей эле болуп калды десек ашыктык кылбайт.

Аккан суудай күндөр өтүп жатты. Кулсара мектептен келери менен үй жумуштарын тындырат. Анын кылган ишине, жасаган мамилесине атасы да, жеңелери да ыраазы. Зарылбек гана кээде "апалап" ыйлап, өткөндү эстетчу. Атасы: "Апаң оорусунан айыккандан кийин сөзсүз келет" - деп сооротчу. Кийинчирээк башкалар да, Күлсара да бөбөгүнүн ыйын ушинтип токтотууга көнүп алышты. Билинбей эле арадан жети - сегиз жылдай өтүп кетти.

Бул мезгилдин аралыгында адепки батрак - кембагалдардын артелдери, майда чарбалары ирилештирилип, бириккен чарбалар - колхоздор уюшула баштады. "Каптал - Арык" колхозу дагы айыл жашоочуларынын башын бириктирип жумуруятыбыздын өсүп - өнүгүшүнө өз салымын кошо баштады. Чарбага Төрөкулов Итике башкармалык кылып, андан кийин У. Өмүралиев. Ж. Токторбаев, Н. Малтаев, А. Дыйканов, Д. Тытаев жетекчиликке келишкен.

Ал эми айылдагы башталгыч мектеп жети жылдык болуп. Балдардын мыкты билим алышына колдон келген шарттар түзүлө баштаган. Убагында мектепке К. Тултемиров, А. Жаныбеков, С. Дүйшебаев, Ш. Ашыралиев, Г. Токторова, Смакатин сыяктуу эл арасынан чыккан билимдүү атуулдар жетекчилик кылышты. Мектепке барып жүргөн мезгил ар кимдин эсинде эмеспи. Өзгөчө оюн - зоок кечелери окуучулардын талкууга алчу нуктамасы эле. Ал кезде азыркыдай ырларга эмес, драмалык чыгармаларга өзгөчө көңүл бурулчу. Ошол кездегилерди эстерине түшүрүп, болгонун - болгондой айтып берүүсүн өтүнүп, Каптал - Арыкта жашаган эженин

классташтарына - курбуларына жолугуп маектештим.

Кенжебаева Гүлбара: -Күлсара менен азыркы мечит болуп турган мектепте 1 - 7- класска чейин бирге окуганмын. Ал кезде азыркыдай шарт кайдан. Бирок, ошондой болсо да биз бала кезде кышында дөңдөн ылдый муз тепмей, башка учурда - "Дүмпүлдөк", "Алты бакан", "Ак чөлмөк" көпчүлүк сүйгөн оюндардан болчу. Биз менен бирге Чойгараева Бүбайша, Өмүрова Нуршагүл, Токторова Нурийла, Акылбекова Жаңылбу, Тойбаева Салый, Осмоналиев Орозбек, Жүзүмалиев Орозбек, Мырзабаев Самсалы, Султанбаев Тезек жана башкалар бир класста окушкан.

Абдылданын кызы Күлсара чынын айтканда эң мыкты окуучубуздан болчу. Иш жагынан андан бетер алдына киши салчу эмес. Машак терчүбүз, саман тартчубуз.

- Чарбада эмне жумуш болсо, ошонусунун баарына эле аралаштык, - деди Качканакова Эсенбү. - Кулсара менен Зарылбек жетим өстү. Атасы чарбачыл, коон - дарбыз айдаган киши эле. Күлсара окуусунан да, ишке да укмуш болчу. Концерт келгенде жабылып барар элек. Өзүбүз да оюн койчубуз. "Курманбекти", "Саринжи Бөкөйдү" койгонбуз.

Бөтөнчө Тойбайдын Салыйы менен Күлсара чоң аталарынын чапан, тондорун кийип алышат, эркектин ролдорун укмуштуудай аткарышчу. Экөө кошулуп алып балдар менен теңтайлашып ойношчу. Ал тургай айрым балдарга моюн беришчү эмес. Бир жолу Кытайбек, Аманкул дегендерди "сабап" талга байлап салышкан.

Токторова Нурийла: - Ал кезде балдар тургай, биз - кыздар чарбадагы болгон жумуштарга аралашчубуз. Баарыбыз машак тердик. Кенеп тигилчү, таруу айдалчу. Салый экөөбүз таруу оруп, биринчи орунду алганыбыз үчүн 4 килодон эгин беришкен. Күлсаранын өткүрдүгү, иштермандыгы окуп жүргөнүбүздө эле көрүнүп турчу.

Акылбекова Жаңылбү: - Мектепте оюн коюп калганыбызда мен, Гүлбара көбүнесе ырдачу элек. Ал эми Күлсара менен Салый эркектердин ролун аткарышчу. Экөө кошулганда балдарга моюн беришчү эмес. Иш жагынан да, окуу жагынан да алдыда жүргөн Күлсара болчу.

Осмоналиев Орозбек: - Менимче ал кездерде мектепке Смакатин деген башчылык кылып, Эгималиева, Рапса, Тытаева Нурбү, Кутукеева Гүлүкан деген эжейлерибиз, Төлөналиев Кожомкул деген агайыбыз сабак берип калышкан. Биз менен чогуу окуган кыздар мектепти 1944 - жылы бүтүрүштү. Биз, балдар болсо бир - эки жыл мурда эле колхоздун жумушуна аралаштык. Араба айдап Кайыңдыга эгин тартчубуз. Абдыкул, Солтонбек дегендер буудай сээп, биз мала тартып калдык. Күлсара кичинесинен эле өткүр, шайыр мүнөз, шамдагай болчу, жакшы окучу. Тойбайдын Салыйы экөө кошулганда айрым балдар кадимкидей эле жүрөксүнүп турчубуз. Муз тепкени барганыбызда кээ бир балдарды колу - бутунан кармап эле дөңдөн ылдый "муз тептирип" жиберишчү. Жайдын күнүндө го колдоруна тийген балдарды сууга көтөрүп ыргытып ойноп, кыраан - каткыга батар элек. Күлсаранын балбандыгы, күчтүүлүгү бар эле. Балдардын бир айтканы эсимде: "Кум - Арыктын алмасына барышканда ат - арабаны байлап коюп Күлсара жок эле болуп калды, - дешет. - Булар менен баргандар чөнтөктөрүнө, коюн - колтуктарына алмаларды салып келишсе, тигил алманын килейген бутагын алма - салмасы менен арабага көтөрүп салып коюптур".

Ырасында да тигил же бул адам жөнүндө анын тең-туш курбу-курдаштарынан артык ким айтып бере алмак эле. Баатыр эжебиздин бала чагын сурамжылап классташтарынын айрымдарына кайрылганыбызда жогорудагыларды айтышты. Окүнүчтүүсү бирге окуган тең-туштарынын айрымдары арабызда жок, жарыкчылык менен кош айтышып кетишкен экен.

Албетте, 1941 - 1945 - жылдардагы Улуу Ата Мекендик согуш жер жүзүндөгү калктардагыдай эле кыргыз элине дагы эстен кеткис тагын калтырды. Согуш майданында канчалаган эр - азаматтарыбыз курман болуп, нечендери майып болуп, өлкөбүз кыйла эле күч - кубатынан ажырады. Айылда жалаң эле кары - картаңдар, аялдар менен балдар эле калышты. Чарбадагы иштердин баарын алар бүтүрө турган. Согуш маалында Эсенаманова Сиябү менен Чылмамбетова Мыскал - бригаданы, ал эми Казакбаева Эрке - ревкомду жетектеп келишкен. Жашы келип калган,же согуштан майып, жарадар болуп келген жоокерлер чарбаларды жетектешкен.

Эл башына чоң мүшкүл түшүп турган чакта "Каптал - Арык" колхозун Урумбек Өмүралиев, Сагымбай Жүндүбаев, А. Дыйканов, Дүйшөнаалы Тытаев, Исак Солтобаев башкарып келишкен.

Бул маалда балдардын ызы - чуусу мурдагыдай болбогон, эркек балдардын баарысы чарба жумушуна тартылган; өгүз, ат менен соко айдаган, мала тарткан ошолор болду. Эгинди оруп - жыюу учурунда ар кимисине бир гектардан кем эмес жер бөлүнүп берилип, кажанып иштегенге аргасыз болгон кыз - келиндер азыр жетимиштен эбак ашкан байбичелер өткөндөгүдөн кеп салышса, небере - чөбүрөлөрүнө жомоктогудай сезилгенсийт. Арийне, биз - ортонку муундун өкүлдөрү азыркы жаштарга караганда айтылгандардын баркын билип, улуу муундагылардын адал эмгегин калыс баалаганга жарайт көрүнөбүз. Ал эми кийинкилерди ким билсин, алар үчүн жооп бере албастырбыз.

Батыштагы согуш отунун залакасы элибиздин турмуш - тирилигинин бардык жагына тийгизбей койгон жок: Өкмөт менен партиянын Жеңиш үчүн болгон ишеними Мекенибиздин татыктуу уул - кыздарын тарбиялап чыгаруу максатында мектептердеги окууну үзгүлтүккө учуратпоонун аракетинде болду. Агалар кан майданга аттанып кетип жатышса да, алардын ордун жоктотушпай, мектепти Токторова Гүлиша, Сатбакова Турсунай сыяктуу эжелер жетектешип, балдарга билим берүүнү улантышкан. Бул эжейлер залкар акын окуган педтехникумдан билим алышкан.

Адамзаттын тарыхындагы бул кандуу согушта биздин совет эли өзүнүн эбегейсиз эрдиги, элинин биримдиги, журтунун жүрөктүүлүгү, ынтымак - ырашкердиги менен Жеңишке жетишкендигин дүйнө эли даңаза кылып келет. Мурда көчмөн турмушта жашаган биздин эл дагы отурукташуу менен "бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгырышып, өлкөбүздөгү коомдук - саясый өзгөрүүлөргө жапырт катышып, өзүнүн чыныгы меймандостугун, кен пейилин, айкөлдүгүн көрсөттү. Буга өз жеринен көчүрүлгөн чечендердин, жут - ачарчылыктан камыккан казактардын аймагыбызга келгендегиси ачык күбө.

Кыргыз элинин эч кимге жаман санабаганы тургай ойлобогондугу ушул биздин күндөрдө деле айдан ачык көрүнүп

турбайбы. Улуу ынкылаптан согуш жылдарына чейин эле элибиздин башынан бир топ оор күндөр өттү. Эми минтип кандуу кыргын тээ алыста, батышта болуп жатса да анын кээрин ушул чакан айылдын атуулдары да абдан тартып жатышты. Айтып кетиш керек, элдин ынтымагы, ар - намысы күч болду. Бир тоголок дан болсо да бөлүп жешти. Бир чөйчөк талкан бир айылдын элине жетчү. Ошол кездеги элибиздин биримдигине бали дейсиң.

Бул тегеректеги эл Жайылдын балдарын жакшы билишчү. Кыйналып турган элди багуу максатында аңчы - мергенчилер өкмөтүбүздүн атайын буйругу менен майданга баруудан бошотулгандардын арасында алар да бар эле.

Кыйла жылдардан бери бой жүргөн, кыйынчылык кабырганы чындап кайыштырып турган чакта Абдылданын бир тууган инилери жана ошондой эле айылдагы аксакалдар "кызың бой тартып калды, баланын эси кирди, эми төшөк жаңыртсаң болот" дешкендерине көнбөй жүрдү. Акыры көпчүлүк жеңди. 1944 - жылы Абдылда Күнөшкө баш кошту.

- Ал апабызга абдан ыраазыбыз, - дейт Күлсаранын бир тууган иниси Зарылбек. - Бизди өз баласынан кем көрбөй бакты. Бүбайша эжекебиз дагы бизден эч аянган жок. Биз да колубуздан келишинче өлөр - өлгөнчө сыйлашып келдик. Күңөш апамды өз колум менен 1968 - жылы узаткам.

Күлсара эжебиздин бала кези туурасында айтып берүүсүн өтүнгөнүмдө Зарылбек байке буларды кошумчалады: "Аны менен бирге окуган капталдык кыздардын жанагыдай жоруктарын айтып бергендиктерин ырастап бергим келет - деди ал күлкүсүн жашырбай. - Тойбайдын Салыйы экөө кошулганда Жорупбек деген бала тийишип, бирдемелерди айтса керек. Аны кийим - кечеги менен колу - бутунан алып көлгө ыргытып жиберишип, катылганды катыгын дароо беришкен болчу.

Эжем кичинесинен эле иштерман болчу. Мээнеткечтигин айт. Баштаган ишин аягына чейин чыгармайынча жаны тынчу эмес. Шайырдыгы, оюнкараактыгы, ак көңүлдүүлүгү күч".

- Айтмакчы, - дейт маектешим сөзүн улап, - кечинде мал тосо турган жерге чогулуп калар элек. Биз майда балдар чоңураак улан

- кыздардын оюндарына карап маашырланар кезибиз. Күлсара менен Салый андай жерде дагы топ жарып, ар кыл оюндарды ойногонго маш, уюштургуч экендиктери көрүнүп эле турчу. Экөөлөп сарайдагы аттарды минип кетишкен учулар болгон. Атабыз экинчи жолу үйлөнгүчө биз Тумаш байкебиздикинде чоңойдук. Финагент болуп иштеген Сабырбек байкебиздин атын каалаган убагында сурап минип, кадимки балдардан кем калбай чаап жөнөй турган. Баарыбызды башкарып алар эле. Аны кың дебей укчубуз. Уулбек жеңебиздин кызылчасына да жардамдашканга, үйдөгү жумуштарды да тындырганга үлгүрчү.

Албетте, "Тегин жерден өрт чыкпайт" дегендей ушунчалык атак-даңкка жетишкен Күлсара эжебиздин "Баатыр" катары калыптанышы көз ирмемчелик мезгилде эмес, көптөгөн жылдар аралыгында болуп өткөнү талашсыз. Мына ушунун өзүнө дагы бир жолу ынануу максаты менен аны менен бир үйдө жашашкан тууган - туушкандары менен да баарлашып көрөлүчү. Чынында өз кызы жөнүндө анык айтып бере турган адамдардын көбү арабызда жок экендигине терең өкүнүү менен карасак да, айрымдарынын пикирине кулак төшөсөк орундуу болчудай.

Тумаш кызы Турумбу (Жайыл аймагы, Сосновка айылы): - Баарыбыз бир үйдө чоңойдук. Чынын айтыш керек Күлсара окуусун мыкты окуган. Оюн коюшканда көбүнчө пьеса ойночу. Чоң атамдын тебетейин, чапанын кийип алып эркектин ролун аткарчу. Кечинде тегеректеги улан - кыздар чогулуп ойнойбуз. "Алты бакан" тээп, "Ак чөлмөк" ойноп калган чагыбызда Күлсара менен Салыйдын уюштургучтугу ченде жок эле. Өңгөнү билбейм, мен андан абдан коркчумун. Үйдөн эмне иш кыл десе, айтканын кың дебестен аткарчумун. Анткени, балдардан калбай мен дагы ойногум келет. Кимди оюнга кошуп, кимисин кошпой коюу анын колунда да.

Ал кезде кызылча кол менен казылчу. Ал Уулбек жеңемдин кызылчасына барып жардамдашчу. Үйдөгү жумуштардын баарысын тындырчу. Абдылда чоң атамдын дыйкандыгы да күч эле. Анын короосундагы коон дарбыздарды кыдырып, Зарылбек экөөбүз чоңураактарын тизебизге кычыратып бышык - чийкисин аныктаганды жакшы көрөр элек. Эң жакшы окуганын эске алып, Күлсараны

Сабырбек байкем шаарга алып барган, көнө албадыбы же жанындагы кыздар айнытып койдубу, айтор, тез эле келип калды. Салый экөө темир жол мене шаардан бери айылга жоо келгенбиз деп айтып калганын билем. Эжекебиздин эң эле өткүрдүгү, өжөрлүгү, эмгекчилдиги, ошол эле мезгилде ак көңүлдүүлүгү, ишенчээктиги, кайрымдуулугу өзүнө тартып турат.

Тумаш келини Уулбек (Каптал - Арык айылы): Алда, айланайын, өткөндөгүлөрдүн баарысын эске сала турган болдуң, ээ. Баарыбыз бир үйдө жашап жетилдик. Күлсара кичинесинен эле бизге ынак болду. Ачык айрым, шар жүргөн, батымдуу, жароокер кызды ким жаман көрсүн? Кичинекейинен эле бышык болчу. Мыкты окугандыгын жана эң эле сезимталдыгын мындан баалайм; чалым Сабырбек финагент болуп иштеп жүргөн чагы эле. Ошондо керектүү кагаздарын толтурганга, көчүргөнгө жана башкасына бүтүн бойдон Күлсара жардамдашып, оюндагысындай кылып бүтүрүп берер эле деп баса белгилегим келет. Мен анда эл катары кызылчада иштейм. Казуу башталганда өгүз же ат - араба менен Кайыңдыга ташыйбыз. Кышында болсо топуракка көөмп коебуз. Кийин кант кызылчасын өткөрөбүз деп Кара - Балтага да ташып калдык. Эмне гана азаптарды көрбөдүк.

Мен келин болгондуктан үй тирликтери да моюнумда да. Мага Күлсаранын кылган жардамы күч. "Оорумду колдон, жеңилимди жерден алган" асылкечим болчу. Бедени чалгы менен чаап, буудай - тарууну орок менен оруп жүрдүк. Ал эми мындай жумуштун майын чыгара иштеген Күлсара болчу. Баарысын оюңдагыдай бүтүрөт. Андай немеге ыраазылыктан башка эмне айта аласың. Бала - бакырага да абдан боорукер. Сабырбек экөөбүздүн тун кызыбыз Гулжамалды көтөрүп калды. Мени эне катары көрөм деп келет ушул күнгө чейин.

Жогоруда айтылгандардын баарысы - калетсиз кеп. Баатыр эжебиз кичинесинен эле эмгекке бышып, адамдын көңүлүн таба билген батымдуулугу менен көпчүлүктүн оозуна алынган экен. Бирге окуп, ойноп - күлгөн курбуларынан жогорудагыдай пикир уюттук. Турумбу эженин айтымында Күлсара кара жумуштун майын гана чыгаруу менен чектелбестен, сайма сайганды, тор токуганды ал

кездеги кыздарга мүнөздүү деңгээлден ашык чарба ишине такай аралашып, каникул маалында эгин оргонго жана башка ушул сыяктуу иштерге илгиртпей катышып жүрдү. Бир ирет бөлүнүп берилген 1 гектар эгинди 5 күндө оруп бүткөнү көпчүлүктүн да, өзүнүн да эсинде сакталып калды.

АЛ ТАЛААНЫ, ТАЛАА АНЫ САГЫНЫП.

Баатыр эжеден эң жакшы окуғандыгына карабастан, эмнеликтен талааны тандап алгандыгын сураганымда мына буларды айтты: - Биз тарбияны экинчи энебиз Күңөштөн алдык. Кудайдын калпын айтып не. Өгөй болсо да, бизге өз балдарындай мамиле кылган бөтөнчө мээримдүү жан эле. Жердиги - Күрпүлдөктөн, "карасакалдын" кызы болчу. 1968- жылы кайтыш болду. Иним Зарылбек өз колу менен узатты. Согуш жылдарындагы журтубуздун жагдайы эн эле жаман болуп, айыл - апада жалаң кары- картаңдар, аялдар менен балдар калбадыбы. Айылдагы калктын, анын ичинен биздин бүлөнүн да акыбалы оорлоду. Мектепти мыкты бүткөнүмө карабастан, окуп кете турганыма көзүм жетип турса да, атам менен жалгыз инимди ойлоп, талаада иштөөнү чечтим да, 1944- жылы чарбадагыларга кошгулуп иштеп кеттим. Күндүз чалгы, орок менен буудай жыйнап, түнкүсүн кырманда иштедим. Бөлүнүп берилген 1 гектар жердин буудайын 5 күндө оруп, боолап жүрдүм. Бул эмгегим учун колхоздун жетекчилигинен алкыш алып, өкмөттүк сыйлыкка-медалга көрсөтүлгөнмүн. Бирок, ал эмнедир менин колума тийген жок. Ошондо райондук жыйналышка чакырышып, эл алдында райкомдун катчысы: "Мына 14 жашар кыз силерге, баарыңдарга үлгү болду. Карагылачы, 1 гектар жерди 5 күндө бүткөн экен. Бул-силер үчүн дагы, өлкөбүз үчүн дагы эмгектин каармандыкты көрсөткөнү", деп айтканы күнү бүгүн эсимде. Ошол кезде бригадирибиз Андашев Иманбек деген көптүн камын көргөн, калыс сүйлөгөн, элге кеби өткөн жакшы киши эле. Райондогу чогулуштан көп өтпөй эле бир күнү Иманбеков аксакал: "Кызым, ушундай ыргагынаң жазбай ар убак чарбада күрдөөлдүү иштей турган болсоң, мен сени борбор шаарыбызга алып барамын, ал тургай Москөөнү көрөсүң..." дебеспи. Чынымды айтсам анын сөзүнөн жана райкомдун

катчысынын жыйындагы мактоосунан кийин эле чарбанын таласын көздөй эле талпынып калдым".

Күлсара кийиники жылы дагы чарбадагы кыз-келиндер аткарган жумуштардын бардыгына катышып, ал эми 1946-жылы болсо кызылчачылардын катарына кошулуп, өзүнчө милдеттенме алып билек түрүнө иштей баштады. Эрте бойго жетип, буралып турган кыз эмгек ыргагына берилип, кызылча талаасына эрте кетип, кеч келип жүрдү. Кээде үйгө келип калганында Сабырбек байкеси менен жайылмалык Бейшенаалынын кызуу маектешип отурушканын көрүп калчу. Анын согуш баштала электе эле аскерге чакырылып, Мекенге 7 жылдан ашык кызмат кылып, жараттанып келгенин уккан. Бирок, бул жигиттин кызылча талаасынан карала-торала болуп келген күжүрмөн кызга көз салып жүргөнүн ким билиптир. Уулбек жеңеси да эмнегедир кийинке кездерде жалаң эле жайылмалык жигитти мактап калгандыгын эми гана билип жүрбөйбү.

Мунун чын-төгүнүн сурап, Тумаш келини Уулбек апага кайрылдым. "Ооба, - деди жетимиштен эбак ашкан, жүзүнөн-сулуулук, мээримдүүлүк тамган, көздөрүнөн-жаркоокердик жанган байбиче ичип олтурган чынысын дасторкон четине коюп, - жайылмалык Сулаймандын уулу Бейшенаалы биздикине көп келчү. Анткени, анын атасы Сулайман, апасы-Калича биздин, Сабырбек экөөбүздүн өкүл ата апабыз эле. Анын үстүнө Сабырбек менен Бейшенаалы да бөтөнчө бири-бирин терең урматтаган жакын достордон болушкан.

Төодо малда чогуу жүрүшкөндүктөн ата-энелерибиз мурдатан эле жакшы катташып жүрүшүптүр. Бир күнү өкүл апам келип калды.

Кайын сиңдим, кызыкебиз жөнүндө сурап жатпайбы. Күлсаранын күйүмдүүлүгүн, ачык айрымдыгын, мээнеткечтигин, баласаактыгын,'- деги койчу болгонун болгондой айтып, колуман келишинче абдан мактаганмын. Чыны кичинесинен эле бышык экени жалганбы... Аны өз колум менен узаткамын. Күлсара өзү күнү бүгүнкүчө жеңе катары эмес, эне катары көрөмүн деп келет.

Мындан көп узабай эле 1947-жылдын 18-январында Күлсара жайылмалык Сулайман улуу Бейшенаалыга турмушка чыкты. Ар бир адамдын өмүр таржымалын өзүнөн башка ким таасын айтып бермек. Дегеле кыз тагдыры кыйын. Бөтөн бирөөнүн бүлөсүнө



Байке-жеңеси - Тумаш менен Анапия. Күлсара ушулардыкында чоңойгон. Каптал-Арык. 1954-ж.



Кайын атасы-кайын энеси-Токтоболот уулу Сулайман менен Калича. Жайылма. 1949-ж.



Күлсара, Күнөш апа, Зарылбек, 1956 -ж.



Чодронова Ракыя
Күлсаранын кайын эжеси



Бейшенаалы менен Күлсара. 1966-ж.

кирип, бөлөк чөйрөгө көнүү өтө эле кыйын экендигин элибиз жакшы билет. Жайылмага жаңыдан келин болуп келгендегисин кеңири айтып берүүсүн өтүнгөнүмдө Күлсара эже өткүр көздөрүн жүлжүйтө, мына буларды баса айтты эле:

-Кайын атам Токтоболотов Сулайман алтындай гана киши болгон. Аны атаман кем көргөнүм жок. Мага колунан келгенин аябаган, ар убак`колдоо көрсөткөн десем жанылышпайм. Муну айылдагылардын баарысы билишет. Кайын атам калкка кадыры бар киши экен. Бул жерде жаңыдан артелдер, жерди биргелешип иштетүү боюнча шериктештиктер түзүлө баштаган кезде өзүнүн коюн ортокко коюп, элди уюштурганга алгачкылардан болуп үндөгөн Токтоболоттун уулу болгон дешет. Адеп ортого чогулган чарбанын 19 коюн кайтарып, кийин малдын санын кыйлага арттырган деп ушул кезге дейре сөз кылып калышат. Убагында Москвага чейин барып, ВДНХнын сыйлыгына татып келген киши болгон биздин кайын атабыз. Ачыгын айтсам менин ушунчалык даража жетишиме Сулайман атабыздын эмгеги зор. Аны кыдыр даарыган, ыйык киши катары да санайм. Минтип айтып жатканымдын себеби азыр ойлоп олтурсам менин ар бир эмгектик жеңишти багындырган чагымдын, өкмөттүк сыйга таңырымдын алдында мени чакырып алып: " Кагылайын балам, түндө түш көрдүм. Ишиңден кала көрбө... Кудай сага берет..." деп алдын ала айткандары күнү бүгүнкүдөй эсимде. Кайын атам 1967-жылы 92 жашында каза болду. Атабыздын арбагынан айланайын...

Мында келгенимде кайын эжем Ракыя кызылчачылардын звеносуна башчылык кылып жүргөн кези экен. Жездебиз Жусугул колхозду уюштурууга жигердүү катышкан, ферма башчысы болуп иштеп жүрүп, согуш майданында канкор душман менен салгылашып, өз айылына катпай калган атуулдардан экендигин уккам.

Бейшенаалы болсо Ата Мекендик согуш башталганга чейин эле 1939-жылы аскер кадрларынын катарында атайын даярдыктан өтүп, фин жана немис баскынчыларына каршы жанын аябай салгылашып, II топтогу майып болуп кайтканын жайылмалыктар жакшы билет. Ал кичине кезинен эле атасы менен колхоздун коюн, жылкысын кайтарып, бириктирилген чарбанын түптөлүшүнө өз

салымын кошкон экен. Жаралуумун деп жатып албастан жалпы журт согуш маалында кыйрагандарды калыбына келтирүү, чарбанын күч-кубатын чыңдоо сыяктуу маанилүү иштерге жапырт, түп көтөрүлүп жаткан кезде темирге жан киргизип устаканада, андан кийин трактор айдап, Чүй өрөөнүндө, анын ичинен биздин аймагыбызда кызылчага көп көңүл бурула баштаганда кызылча жыйноочу комбайнда иштеп жүрдү.

Кийин гана ден-соолугу начарлап калганында кызылчачыларга суу ташып жүрдү дегенимди жайылмалыктардын кимисинен болсо дагы сурасаңар четинен ырастап беришет деп ишенем. Анткени, Жайылма айылына эмес, жалпы кыргыз журтуна, ал тургай чет өлкөгө чейин эмгегимден атагым чыгып, даңкталышыма кайын атам менен өмүрлүк жолдошумдун мээнеттерин эч качан унутпасмын.

Жайылма демекчи, бул айыл аймагыбыздын борбору болгон Кайыңды кыштагына канатташ келип, Чоң Чүй каналынын жогору, жагынан, ат чабымчалык аралыктагы илгери былкылдаган жумшак, дайыма жай-кышы дебей суусу жайылып жаткан түз жана тегиз жерде жайгашкандыктан ушундайча аталып калган экен. Убагында бул жерге Бошкойдун улуу Курама ээлик кылып көлгөн. Мына ошол ойрон, өзөн толо агып жатканынан пайдаланып "моңолдордон" чыккан Жакыптын Мергени байламта куруп, тегирмен салган.

1930-жылы майда артелдер бириктирилип "Жайылма" колхозу түзүлүп, 47 түтүн элге Кармышев Сман башкармалыкка дайындалган. Андан кийин чарбаны Караталов Жусупбек, Сүйүмбаев Жээналы, Жандралиев Көкүш, Ражапов Абдрахман, Ибраимова Сүйүмкан, Чымчыков Жылышпай, Ашыралиев Шаршенаалы. Бөкүшев Сулайман, Кутманалиев Орозбек башкарып келишти.

Ал эми бул чарбаларды уюштуруу үчүн канчалаган кыйынчылыктарды жеңүүгө туура келди? Улуу ынкылаптан кийин кыргыз өкмөтүнүн алгачкы жасаган кадамы бай-манаптардын жерлерин карапайым элге берип, аларды отурукташтырып, мезгил талабына ылайык айыл-кыштактардын өнүгүшү үчүн шарт түзүү болду. Дегинкиси, кайсы гана маанилүү коомдук-саясый окуяларды албайлык, аларды мезгилдин демин туйган, ан-сезимдүү жана демилгелүү адамдарсыз турмушка ашыруу мүмкүн эмес экендиги белгилүү.

Анын үстүнө биздин аймак жайгашкан жер ачыгын айтканда кокту-колот, өзөн-сайлары ойрондоп аккан сууга толгон, былкылдаган саздак жер келип, камыш менен куурайдын, мыя менен ак чийдин мекени болгондугу чындык. Сазды кургатуу үчүн казылган алыш-каналдар бул кебибизди өзүнөн-өзү ырастап турат. Ал тургай үйүр-үйүр карышкыр, мадыл-жолборстор жортуп жүргөндүгүн айтсак, азыркы жаштарга жомоктогудай сезилер. Азыр деле карышкыр, түлкү, кыргоолдор учурап жаткандыгына жалпы эл өзү күбө.

"Жайылма" колхозу дагы тигинде-мында жайгашкан үч-төрт чакан айылдан куралган болчу. Мурда бул жер Бошкойдун Курамасына тийиштүү болуп, "Бешинчи айыл" деп аталып келгендигин карыялар айтышат. Мына ушул айылдан А. Жумабаев, А. Эсенбаев, С. Токтоболотов, Ж. Караталов, С. Мамырбаев, О. Дөрбөнов, Ж. Чымчыков, Ш. Кабаев, А. Найзабеков, Ж. Сүйүмбаев жана башкалар совет өкмөтүнүн өктөм саясатын турмушка ашыруу үчүн жан дили менен жигердүүлүктү көрсөтүшүп, колхозду түптөөчүлөрдөн болушкан. Алар калк арасында үгүт-насыят иштерин жүргүзүп жаңы замандын жарчыларынан болушкан десек аша чапкандык болбос.

Алардын алгылыктуу аракеттерин колдоп чыккан айыл жаштары да болгон. Маселен Кошоев Кожомурат айылдагы жаштар уюмунун жетекчилигине дайындалып, жигиттер гана эмес Ибраимова Сүйүмкан, Аманкулова Текий, Ибраимова Созул жана башка ушул сыяктуу кыз-келиндер уюмдун мүчөлөрүнөн болушуп, колхоздун түзүлүшүнө жигердүү катышышкан.

Токтоболотов Сулайман, Дөрбөнөв Окой, Кудайбергенов Сулайман сыяктуу атуулдар өз ыктыяры менен чарбанын малын багып келишкен. Мал чарбасындагы өсүш туурасында бала кезинен атасына жардам берип мал менен тең чоңойгон, бойго жеткенде чабан болуп иштеген Сулайманов Бейшенаалынын мындай деп эскергенин айтышат: "18 - 19дардагы кезимде чабан болуп элүүдөй түтүн элдин ортодогу 19 коюн кайтаргамын. 1932-жылы өкмөт тарабынан каражат насыя берилип, 300 гө жакын кой сатылып алынган. 1939-жылы койдун саны дагы жүзгө көбөйгөн. Мына ошол жылы мен аскерге кетеримде карамагымдагыларды атам Токтоболотов Сулайманга өткөрүп берип кеткен болчумун".

1940-жылы чарбаны башкарып турган Жандралиев Көкүш 7 жылдык мектептин курулушун баштаган. Мына ошол убактарда колхоздун катчысы болуп иштеп жаткан Кабаев Шералы жубайы Эрке менен өз ыктыярдуулугун көрсөтүп, агартуу майданына өтүшүп, мугалимдик кесипти аркалап, айыл жаштарынын көзүн ачып, мыкты улан-кыздарды тарбиялап уядан учуруу сыяктуу улуу максатты көздөгөнү канчалык. Ал өмүрүнүн акыркы жылдарында районубуздун борбору болуп калган Кайыңды айылдык Кеңешинин төрагасы, ал эми Кнатов Семинат анын катчысы болуп эмгектенгендиктерин айылдаштары сыймыктануу менен айтып жүрүшөт.

Батышта согуш оту тутанганда ушул тырнактай айылдан 76 киши батышка аттанып, анын арасынан 22си гана денелеринен жарат алып, майып болуп келишти. Чарбадагы бардык ооручулук карыкартаңдарга, аялдар менен балдарга тийди. Калктын кабыргасы кайышып турган чакта чала сабат болсо да чарбаны Чымчыков Жылышбай башкарып, Байчымаков Ибрагим, Тойгонбаев Имаке, Дөрбөнов Жылышбай, Ибраимов Кадыркул, Кнатов Назаркул сыяктуу аксакалдар таңдын атканы менен күндүн батканына дейре кырманда эгинди кол менен сапырышып, мамлекетибиздин кампасына жөнөтүп турушкан.

Кызылча талаасында болсо Чодронова Ракыя, Букаева Алмадай, Үсенбаева Зулайка башкарган звено мүчөлөрү-кызылчачылар белгиленген тапшырманы аткаруунун үстүндө кажыбастык менен эмгектенишкен. Чарбанын эки бригадасын Жумабаев Айылчы менен Дөөлөталиев Дүйшалы башкарып келишкен. Жергиликтүү жаштардан К. Кошоев, Т. Карабаева, С. Ибраимова, Р. Үркүмбаева сыяктуулардын жолун жолдоп, илим-билимге умтулган Найзабеков Алжамбай, Кармышев Жекшенбай менен Бурма, Тургунбеков Эсенбек менен Эсенаалы өндөнгөн жигердүүлөр суурулуп чыга башташты.

1944-жылы мектепти жаңыдан эле бүтүшкөн өспүрүмдөр Имакеев Аман, Сүйөркүлов Аманкул, Бектурганов Курманбек, Алыкулов Акматбек, Сүйөркүлов Кенешбек, Кадыркулов Дүкөн, Рыскулов Сапарбек, Дөөлөталиев Садыр жана башкалар чоңдордон

калышпай чарбанын түшүмүн жыйноо, жем-чөбүн ташуу сыяктуу ар кыл жумуштарын жан дили менен аткарышкан.

Согуш жаңыдан басылган жылы чарбаны Бөкүшев Сулайман башкарып, биринчи бригаданы - Ибраимов Олжочу, экинчисин - Медетов Рысбай жетектеп, ал эми Таласбаева Бүбай, Дөөлөталиева Айша, Букаева Алмадай, Чодронова Ракыя кызылчачылардын звено башчылыгына дайындалышкан. Ушул маалда чарбага киреше алып келе турган тармак таалачылык болуп, аз-аздап мал чарбасына да көңүл бурула баштаган. Чарбадагы кой, жылкы жана сүт фермаларына Н. Сүйүмбаев менен Ж. Караталов башчылык кылып, Токтоболотов Сулайман, Кыдыков Актан, Дөрбөнов Окой, Эсеналиев Мамбеталы, Кудайбергенов Асанбек сыяктуу малчылар чарбанын чындалышына түздөн-түз салымдарын кошушкан.

1947-жылы колхоздун башкармалыгына согуштан жарадар болуп келген, билимдүү Ашыралиев Шаршенаалы дайындалып, чарбанын партиялык уюмунун катчысы Нарын Кудайбергенов эл арасындагы коомдук-саясый иштерди колго алышып, айылдыктардын турмуш-тиричилигин жогорулатууга өзгөчө көңүл бура башташты. Жаштарды ишке тартып, аларга чоң ишеним артуу, чарбадагылардын мээнет акысын төлөө сыяктуу маселелер баштады.

Жаш экендиктерине карабастан Имакеев Аман менен Алыкулов Акматбек чарбанын эки бригадасындагы кырман башчылыгынын милдетин жоопкерчилик менен аткарышып, көпчүлүктүн алкоосуна ээ болушкан Ал эми айылга келген алгачкы айыл чарба техникаларын, айталык, жерди каңтара айдаган тракторлорго жергиликтүү жаштардан суурулуп, согуштан жарадар болуп келсе да Сулайманов Бейшенаалы менен Жумагулов Жумабек олтурушкан. Мына ушундай жигердүү журттун албан-албан эмгектик жетишкендектери чарбаны чындай берди. Мээнеттенип келген элге, чарбада иштегендерге ар эмгек күнүнө бир-бир жарым килодон дан берилгенде айыл калкынын кубанганын айтпа. Ошол кезде Жайылма айылы Ворошилов атындагы колхоз болуп калган болчу.

1950-жылдын башталышында чарбаны Кутманалиев Орозбек башкарып турган маалда Компартиянын жана өкмөтүбүздүн колхоздорду ирилештирүү саясатына ылайык октябрь айында



"Панфилов", "Ворошилов" жана "XV партсъезд" атындагы колхоздор бириктирилип, эмгекчилердин жалпы чогулушунда жаңыдан ирилештирилген Панфилов атындагы колхоздун башкармалыгына И. П. Ковалев шайланган. Бул жылдары чарба үчүн эң оор жылдардан болгон. Анын үстүнө республиканын 25 жылдыгын эмгектик жетишкендиктер менен тосуп алуу үчүн айыл жергесиндегилер кара жанын карч уруп иштешти. Малды аман асыроо жана көбөйтүү, аларга жем-чөп камдоо сыяктуу маселелер алдыңкы орунга коюлган кез болчу. Чарбанын малын аман сактап калыш үчүн Талас жергесинен чөп ташылып келингендиги жайылмалыктардын гана эмес, жалпы эле панфиловдуктардын дале эсинде.

Жайылмага келин болуп келген Күлсара айылдагы гана эмес аймактагы коомдук-саясый өзгөрүүлөргө өз көзү менен күбө болуп, кышкысын кайын атасынын малына каралашып, сакманда иштесе, жайкысын кайын эжеси Ракыя башкарган кызылчачылардын звеносуна мүчө болуп кирип, сагынган талаасында талпынып иштей баштады.

МОНЧОК-МОНЧОК МАҢДАЙ ТЕРЛЕР АГЫЛДЫ

1949-жылы карыя малчы Токтоболотов Сулайман менен Каличанын көп жалдыр бою Теңирден сурап жүргөн тилеги кабыл болду. Алардын уул-келини Бейшенаалы менен Күлсара алгачкы перзентин көрүштү. Сулайман аксакал небереллүү болгонуна жетине албай, эбак жетимиштен ашып калганында көргөн ымыркайга өзү ырымдап "Жетимишбай" деген ысым ыйгарды. Көргөн түшү ордунан чыкканына ыраазы болуп Кудайга миң мертебе жалынганын койбойт. Анын арманын угуп, тилегин кабыл кылганына маашыр. Дагы түш көрдү. Акжолтой келиндүү болгонуна ынанды, Улуу Теңирге үнү жеткенине кубанды.

Сулайман карыя небереллүү кылган келинине кемпири тургай уулуна катуу айтпоону эскертип, анын көңүлүн көтөрмөлөө, ишинен жана эл катарынан калтырбоо зарылдыгын түшүндүргөн.

Үч колхозду бириктирип, бир ири чарбаны түзүү чарбалык иштердин айрымдарын арымдуу бүтүрүүгө ыңгайлуу болсо, кээде

борборлоштурулган башкаруу жер-жерлерде ойдогудай жүзөөгө ашпай калып жаткандыгына айыл эмгекчилеринин көзү жеткендей болду. Ошондон улам, 1956-жылы жайылмалыктар Панфилов атындагы калхоздон бөлүнүп, өзүнчө Фрунзе атындагы колхоз уюштуруп, анын башкармалыгына Азылов Арыкбайды, башкы эсепкысапчылыкка Медетов Рысбайды, шайлап алышты. Эки бригаданы Кошоев Касым менен Ибраимов Олжочуга тапшырышты.

Ушул жылы көп жылдар бою кызылчачылардын бир звеносуна башчылык кылып келген Чодронова Ракыя баягыдай күч-кубаты болбой бара жатканын карамагындагы кызылчачы аялдарга түшүндүрүп араларынан ылайыктуу бирөөнү шайлап алууну өтүнгөндө алар көпкө ойлонуп олтурбастан эле жалпысы бир ооздон Сулайман келини Күлсарага чоң ишеним арта тургандыктарын дароо айтышты.

Ошентип Күлсара кызылчачылардын звеносуна башчылык кылуу милдетин кайын эжесинен өткөрүп алуу менен өз моюнуна чоң жоопкерчиликти артып жатканын ачык түшүндү. Таң аткандан күн батканга чейин кызылча талаасында мандай терин агызып, арымдуу иштөөгө аракеттенет. Эми өзү үчүн гана эмес, карамагындагы отузга жакын кызылчачы аялдарга жооп бере турган болгон.

1959-жылдан башталышында чарбанын башкармасы А. Азылов ден-соолугуна байланыштуу бошонуп,ордуна "Күрпүлдөктү" башкарып келген Молдокулов Дүйшөнбек шайланды. Ушул жылдын аягында айыл чарба жумуштарын механикалаштыруу, ал техникаларды сарамжал, мезгил талабына ылайык пайдалануу зарылдыгын калкка түшүндүрүп партия менен өкмөттүн саясатына ылайык кайрадан колхоздорду ирилештирүү маселесин кабыргасынан койду. Ошентип, жайылмалыктар экинчи ирет Панфилов атындагы колхозго кайрадан кошулду. Ал эми "Заря", "Сталин" колхоздору 1963-жылы Панфилов атындагы колхозго бириктирилип, азыркы күнгө чейин бир нече айылдын атуулдары "бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарышып", панфиловчуларбыз" деп калышат.

Чоң чарбага кошулар алдында жайылмалыктар 823 гектар



Күлсара, Бурма, Маспур, Сонунбү, Шайлоо, Күлүйпа
1963-ж.




Сонунбү, Бурма, Күлсара,
Яша, Маспур
1958-ж.



Жумагүл, Данаш,
Дарбү, Сонунбү



Күлсара жетектеген звенонун мүчөлөрү кызылча талаасында 1963-ж.



Сретенко, Қасым, Бейшенаалы, Белозеров 1961-ж.

эгин аянтынан 5062 ц дан, 110 гектар кызылча аянтынан 42445 ц түшүм жыйнап алып, мамлекетке тапшырган. Ал кезде социалисттик мелдештин туусу бийик көтөрүлүп, эмгек атаандаштыгы күч ала баштаган кез. Жайылма айылындагы кызылчачылардын төрт звеносун К. Сулайманова, Б. Таласбаева, С. Үсөнбаева, А. Дөөлөталиева башкарышып, өз ара эмгек атаандаштыгына чыгышкан. Жыйынтыгында Күлсара менен Бүбайдын кызылчачылары жеңишке жетишишти. Мелдештин жыйынтыгын чыгарууда Күлсаранын кызылчачылары 15 гектар аянттын ар гектарынан 525 центнерден, ал эми Бүбайдын кыздары 14 гектардын ар бир гектарынан 500 центнерден түшүм алгандыгы анык болду. Алган милдеттенемесин ашыгы менен аткарышкан кызылчачылар колхоздун башкармалыгы тарабынан сыйлыктарга татыктуу болушту. Беш-алты айылдын атуулдарын бириктерген Панфилов атындагы колхоздун башкармалыгына 1951-жылдан бери "Заря" колхозун жетектеп келген Петр Михайлович Байдин, ал эми башкы эсеп-кысапчы болуп жайылмалык Медетов Рысбай эмгекчилердин жалпы чогулушунда бекитилди. Партия менен өкмөттүн тарыхий чечимдерин турмушка ашыруу, беш жылдык пландарды ашыгы менен аткаруу үчүн карапайым калк-колхозчулар маңдай терин төгүп, бел чечпей ишке киришти. Чарбанын айыл чарба өсүмдүктөрү эгилген талаада эмгек шаңы күч алгандын үстүндө болду.

Жогорку эмгектик ийгиликтерди жаратуу үчүн адегенде, эмгекчилер үчүн тийиштүү шарттардын бардыгын түзүп берип, андан соң талап этүү керектигине колхоздун башкарма -адистеринин да барган сайын көздөрү жетти. Колхозчулар да өз кезегинде төккөн маңдай терлерине жараша эмгек акыларын алып жатышса, ого бетер кызыгышып эмгек атаандаштыгынын ыргагын күчөтө башташты. Өзгөчө кызылчачылардын арасында Гузееванын, Шаршеналиеванын, Сулаймановалардын звенолорунун ортосундагы социалисттик мелдеш курч мүнөзгө ээ болду.

Күлсара кайын эжесинен алган таалими боюнча ар дайым өз иши менен үлгү болуу эрежесин биринчи орунга койгонго үйрөндү. Башкаларды артынан ээрчитип, тигил же бул эмгектик чекти багындыруу үчүн адегенде өзүңдүн ошого көзүң жете турганына

ишенишиң керек. Ал Жайлообекова Данаш, Кутманалиева Маспур, Ашырбаева Асылкан, Медетова Сайна, Жумагулова Жумагүл, Сатыбалдиева Гүлүмбү, Айдаралиева Дарбү, Абдыкулова Токон, Үсөнбаева Зулайка, сыяктуу курбу-курдаш болуп калган кызылчачыларына бекем ишенүү менен жөн гана иштеди атты кылбай, майын чыгара иштеп, башкалар ээ болгон эмгектик сыйлыктарга эмне үчүн татыбайбыз деген суроо тынчтык бербей келе турган. Чүй боорундагы Аламүдүн, Сокулук райондорундагы кызылчачылар кантип жогорку түшүмгө жетишип жатышкандыгы ойлонто турган. Биздин аймак башкаларга салыштырганда саздак келип, жердин шордуулугу кызылчадан мол түшүм өстүрүп алууга терс таасирин тийгизе тургандыгын билген Күлсара чарбанын башкы агроному Ю. Быков андан кийин иштеген Д. Султанов, В. Ф. Крайневден шорго каршы кандай чараларды көрүүнүн эрежелерин сурамжылайт. Демек, жыл өткөн сайын арыктап бараткан жерди семиртүү, так айтканда ага минералдык жана органикалык жер семирткичтерди чачуу кажет.

Ошондон улам ал өзүнө бекитилип берилген кызылча аянтына эрте жазда эмес, кышында эле фермалардагы кыктарды талаага ташуу зарылдыгын түшүндү. Дароо эле бул оюн кызылчачыларына айтканда каршы чыккандар болбой койгон жок. Эмитен талаага чыгып эмне, эрте жазда эле киришсек жетишебиз да, - дегендер болду.

-Болуптур, - деди Күлсара туталанганын курбуларына билдирбеске аракеттенип, - силер муну мени оюнан чыгарып жатат го деп ойлоп тургандырсыңар. Мен агрономдор менен сүйлөшүп көрдүм. Колдон келсе кыктарды күзүндө эле ташып чачсак, ошондо жерибиз ойдогудай түшүм берет экен. Эчтеке чачпасак, жылыга эле жер байкушту соруп жатсак, анан кайдан түшүм болсун. Быйыл ушинтип көрөлүчү, эгер ишибизден майнам чыкпаса, экинчи мен силерди деги кыйнабайын.

Келин болуп келгенден бери ымаласы жакын, кошуна, экинчи жагынан таженеси да болуп кеткен Маспур: - Күлсара, - деди бир топ аялдардын көзүнчө. Мунун агрономдор менен кеңешкен иш болсо, анда биз качмак белек. Сакманда иштеп жаткандарды

козгобойлук. Калгандарыбыз эртең десең эле жумушка чыгууга дайынбыз. Чарбанын башкармасы Байдин Петр Михайлович менен бригадир Кошоев Касым звеновой жаш келиндин ишке баш-оту менен кирип жерди иштетүү маданиятына көнүл буруп жаткандагын кызуу колдоого алышты. Бригадир да билгенин, уккан-көргөнүн бул мээнеткеч иштерман келинден жашырбай түрган.

Мээнет текке кеткен жок. Күркүрөгөн күз мезгили да келип, кызылчанын казуусу кызуу башталган көз. Мурда кызылча аянтындагы бардык жумуштар кол менен бүткөрүлчү. Азыр болсо кызылча комбайн менен жыйналып, жүктөгүч автоунааларга жүктөп, кант заводуна четинен жөнөтө берет. Албетте, айтканга мунун баары оңой эле. Иштей келгенде ар жумуштун жеңил эмес экендигине ар ким ынанат. Кышында кыкты талаага чачууга катышкан Нурбү, Зулайка, Кенже, Уруйкан, Жеңиш, Токтобү, Айша, Жаңылбү, Алымбү жана башкалар аттын башындай кызылчалардын өз туштарына комбайндын чөнөгүнөн түшүп жатканын көрүшкөндө мээнеттеринин текке кетпегендигине кубанышып, ошондогу Күлсаранын көктүгүнө, ишбилгилигине ыраазы болуп жатышты.

Негизи ошол жылы чарбада кызычанын түшүмү дурус болду. Панфилов атындагы колхоздун кызылча аянтынын ар гектарынан 450дөн кем эмес түшүм жыйналды. Ал эми Күлсара Сулайманованын звеносу өзүнө бекитилип берилген 10,5 гектардын ар биринен 611 центнерден түшүм жыйнап алууга жетишти. Ракыя өзүнүн ордун ишенимдүү адамга, келини Күлсарага өткөзүп бергенине ыраазы болуп, анын бул аракетине жетине албай бооруна бекем кысып, бетинен өпкөн. "Бар бол, айланайын, көз тийбесин"- деген.

Сулайман карыя менен Калича чоң эне Жетимиштен кийин төрөлгөн Базаркүл, Рысбек, Сайрагүл, Күмүшбек, Айнагүл деген неберелери менен алек. Келин кенже кызын төрөп келери менен баланы колдоруна алышып; "Айланайын, баладан кам жебе, Биз барбыз го. Элден калба. Сенин багың - эмгекте!" - дешкен.

Айылдагы бир топ өзгөрүүлөрдү көрүп, аккан суудай төз өтүп жаткан күндөрдөгү баштан кечирген окуяларды көз алдынан бир сыйра өткөрүп олтурган Сулайман бир оокумда алдына небересин отурузгуруп эркелетип жаткан кемпиринин жанына келип ойлуу

мындай деди:

-Кемпир, түндө түш көрдүм. Буюрса, акжолтой келинибиздин жолу шыдыр болот экен. Кудайымдын ушунусуна да тобо дейли.

-Кечинде уул-келинińе айт, - деди Калича чоң эне муюгандай.

Ырас эле мына ушундан көп өтпөй ойдо жок окуя болду. Мына ушул туурасында өз кулагым менен уккум келип Күлсара эжеге кайрылганымда, ал ачыгын айтып берди:

-Төрөттөн кийин да ишимди таштаган жокмун. Ал кезде азыркыдай декрет деген кайда. Кайын эжем Ракыядан звенолукту өткөзүп алгандан кийин жоопкерчилик менен белсенип иштей баштадым. Иштеген эмгегибиздин үзүрүн көрдүк. 1962-жылы отчеттук чогулуш жүрүп жаткан убакта чыгып сүйлөгөн райкомдун экинчи катчысы Ибраев: "Сиз Алма-Атага барасыз. Ал жерден Н. С. Хрущев менен жолугасыз", - деди көпчүлүктүн көзүнчө. Чынымды айтсам эмне кыларымды билбей калдым окшойт. Ошондо Айнагүлүм төрөлгөн көз эле, "алтынчы балам төрөлгөн бара албайм го" десем, "баланы аталары карап турат, кызыңыз чоноюп калыптыр, - деди да колхоздун кеңсесине жиберди. Көрсө, бардыгын даярдап коюшкан экен. Ошону менен борборго, андан ары Алма-Атага жөнөп кеттим. Мени менен Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы И. Раззаков, К. Дыйканбаев кошо барышты. Ал жерден, казак элинин борбор шаарында Н. С. Хрущев менен кол алышып жолуктук.

Мен Алма-Атага барарда колхоздун башкармасы баш болуп , "Слава богу" деп таң калышты Казахстандын борборуна барып келгенче балдарымды жолдошум, кызым Базаргүл кадимкидей эле багып отурушкан экен. Келгенимде баары өз жайында экенин көрүп, мен кайын ата-кайын энеме, өз бүлөмө ыраазы болдум.

Алма-Атадан келгенимде "Сулайман карыянын келини Күлсара падышага кол берип, учурашып келиптир" деп айылдын аксакалдары, кемпир-кесек, келиндер келип куттукташып жатышты.

Мына ушундан көп өтпөй эле 80ден ашып калган кайын атам чакырып алып: "Керегем, иши оңолордун түшү оңолот" деген накыл кеп бар. Ак жүрсөң, ак дилден эмгек кылсаң, акыры акыбетин көрөсүң. Ушул ыргагыңан жазбай дагы аракет кылсаң, акыбетин көрөт экенсиң" деп жаңыдан чыгып келе жаткан күнгө карап: Оо,

Кудай, төккөн нуруна, берген ырысыңа, билгизген аянына ыраазыбыз!" деп бата тартып жиберди. Мен да бата кылдым. Бирок, ошондо ишке ашыгып баратканымдан улам анчалык деле маани берген эмесмин. Кайын атам карып калды дегенсип да койгом. Бир күнү нөшөрлөп жааган жамгырдан кийин кызылчаларым кантип калды экен деп талаама чыксам, жаркырап тийген күнгө кызылчалар жалбыректарын сенселтип, жаны көйнөк кийип чыгышкан кыз-келиндерге окшоп кетти. Ошондо оюма кайын атамдын күнгө сыйынганын эстеп, анын айткандарынын терең мааниси бар экенин туйдум. Ошол күндөн тарта таңдын атышын, күндүн чыгышын өзгөчө самайм. Кайын атамды болсо, кыдыр даарыган, касиетүү карыя катары өмүр бою колуман келишинче сыйлап келем.

Ырасында да бул окуя жетим өсүп жетилген, иш дегенде ичкен ашын жерге койгон, эмгекке берилген, ар-намыстуу келинге чоң таасир этти. Өзүнө артылган оор жүктү-элдин ишенимин актоону башкы милдети экенин билди. өзүнчө терен ойго батты. "Кудайдын мунусуна тобо, - деди күбүрөнүп, - мага окшоп иштеп жаткандар канча, кызылчачыларга, колхоздогуларга, партия менен өкмөткө ырахмат. Карапайым, жөнөкөй кыргыз аялынын эмгегин ушундай баалап жатышат".

Бир күнү бригадир Кошоев Касым жанына басып келип, мындай деди: " Күлсара, эми эл оозуна алынып калган соң, ага татыктуу болуп, мыктылап иштейли. Чарбада кызылча аянттарын көбөтүү каралып жаткан экен. Ар звеного 70 гектардан кем эмес жер туура келет экен, эсептеп чыктык. Бөлүштүрө келгенде силерге «Балашабыр» менен «Бешпайдагы» жер туура келди. Буга эмне дейсиң?"

-Чарбанын башкармалыгы тарабынан ошондой чечилсе, биз каршы эмеспис, - деди Күлсара чечкиндүү бригадирди карап, - Кандай жер туш келсе да биз аны эмитен даярдашыбыз керек да.

-Ооба. Былтыркыдан да мыктылап дайындаш керек.

-Жерди канчалык азыктандырсак, ошончо кайтарым болот экен.

-Буга көзүм жетти. Эми мындан ары кыкты кышка, эрте жазга калтырбай күзүндө эле ташып баштасак болбойбу?

-Болбой анан. Мен да ушуну айтайынчы деп баскам. Бул да агротехникалык ыкмалардын бири экенин окудум.

Бригадир Касымдын тынчы жоктугу, айылдын ар-намысы үчүн эч кимден тартынбагандыгы, өз пикирин ар дайым ачык айтып коргой билгендиги Күлсарага жакчу. Башка айыл, чарбанын кызылчачылары кандай иштеп жатышканы менен жайылмалык кызылчачыларды такай кабардар кылып турар эле. Кээде ачуусу келгенде: "Момундай ишиңер менен эч кимди жыргатпайсыңар", - деп ачык эле айтып салчу. Кайра тез эле жазылып, андай кылалы, мындай кылалы дегенге өтчү.

Мына ушундан көп өтпөй эле мүмкүнчүлүк боло калып, Күлсара кайын атасынын атын минип, өзүнүн звеносуна бериле турган жерди барып кыдырып көрдү. Эгин айдалган бул аянттын туш келгендигине бир чети кубанды. Экинчиден, мындагы эгин орупжыйналары менен кыкты чачуу зарылдыгын ылайыктады. Ал тургай күзүндө кызылча айдала турган жерди текши сугарып жиберип, кыкты чачып, анан барып терең айдаса, топурактагы шордон арылууга болот. Эгерде беде айдалган жерге кызылча тигилсе, мындан да бетер оңдой берди болмок.

Которуштуруп айдоонун негизи ушунда эмеспи. Жакшылап байкоо жүргүзсө, күзүндө алына турган түшүмдүн камын адаттагыдай эле жазында эмес, мына азыртан, күздөн баштоо максатка ылайык тура. Демек, тоңдурма айдоонун учурунда жер кыртышынын канчалык тереңдикте айдалышын көзөмөлдөө керектигин эсине алды. Кызылча эгиле турган аянт канчалык терең айдалса, камыш жана башка отоо чөптөрдүн тамыры кыйылып, кызылчачылар чөптү чаап кыйналышпай суюлтуу жана катар аралыктарды жумшартуу иштерине ойдогудай көңүл бура алгандай болушат.

Тоңдурма айдоонун мезгилинде бригадир Касым да, Күлсара да талаанын четинен кетишкен жок. Жумабек менен Бейшенаалы, Синякин менен Сретенко күнү-түнү жер айдашат. Соконун тиши жер картышын кантарып, механизаторлордун албан иштерине багынгандай талаа алардын алдында мелтиреп созулуп жатат. Ыргагы күч алган ишти токтотпостон бригадир да, звено башчысы

да талаанын баш-аягынан гана эмес, эринишпей ортосуна чейин барышып, канчалык терендикте айдалып жатканын сөзсүз ченеп кетишет. Муну көргөн Бейшенаалы жубайын бирде абдан аяп кетсе, бирде сыймыктануу менен жал-жал карап, ансайын алдындагы темир атын күркүрөтүп сокону жерге матыра айдайт.

Кыкты кышындагыдан же эрте жаздагыдан күзүндө ташуучачуу кыйла жеңил экендигин кызылчачы аялдар өздөрү ачык айта башташты. Бул жолу звено мүчөлөрү жапырт чыгышып, кык да ташылды, талаага тегиз да чачылды. Бул машакатту иште Чойгараева Мунар, Ковалева Таня, Макиева Айша, Ременюк Надя, Жунушалиева Салича, Иманкулова Сонунбү, Сатаркулова Жанай, Ниязбекова Алпия, Буудайбекова Шамшакүл жана башкалары да жигердүүлүктү көрсөтүшкөнүнө Күлсара жетине албады. Баары бир кишидей иштесе, жалпынын аракети бир багытта болсо, жыйынтыгы жаман болбосу анык.

Мол түшүм алуунун дагы бир ыкмасы кызылча уругунун убагында өнүп чыгышына шарт түзүү болуп саналат. Албетте, кандай урукту себүү керек экенине агрономдор жооп беришер. Урук себүүнүн алдында жерди жумшартуу кажет, мындай болгондо урук тез өнүп чыгат. Өзгөчө жаандан кийин топурактын үстүнкү катмары уруктун чыгышына залалын тийгизет. Дегеле; кызылчанын катар аралыктарын канчалык тез жумшартып турса, ошончулук түшүмдүүлүк артарын көп жылдык тажрыйба көрсөттү.

Иш мына ушундай ыкма менен жүрө турган болсо, анда кызылчачы аялдар мүдөөсүнө жетти десек болот. өзгөчө жайкы саратанда талаа сугарылып, жер тоборсугандан кийин эле катар аралыктары кетменделип, мыктылап жумшартылса, отоо чөптөрдөн маалында арылып, кызылчанын түбүнө нымдын, азык-заттардын топтолушуна мүмкүндүк түзүлөт. Күлсаранын мындай ыкма менен белсенип иштеп жатканын көргөн бригадир Касым алдыртан ыраазы болуп жүрдү.

Бардыгы Күлсара ойлогондой ыкмада иш жүрүп жаткансыган. Бир күнү кызылчачы аялдар түштөнүү үчүн жаңыдан жайгаша баштаганда Күлсара жоолугун оңдоп салына, аларга өктөм кайрылды:

-Курбулар, буга чейин кызылчанын катар аралыктарын

жумшартуу үчүн майрам, айт күндөрү да талаага чыгарып жүргөнүм бирөөнө жагып, көбүнө жакпагандыр. Бирок, анын натыйжасын, мына баарың өз көзүң менен көрүп турасың. Баарыңарга ыраазымын.

-Бир сомдон чогулта коелубу, я, катындар?! - деди Асылкан адатынча шашмалыгын карматып.

-Сөздү укчу, - деди жанындагы Дарыя аны тыйып.

-Мына биз турган жердеги аянт, - деди звено башчысы аялдар тынчтанганда сөзүн улап, - тегиз айдалып, кызылча жакшы себилгендиги, суюлтулгандыгы жана отолгондугу көрүнүп турат. Ал эми тигил аянтыбыз андай болбой калыптыр. Тоңдурма айдаган кезде өйдө-ылдыйын карабапбыз. Мына азыр сугарылып жаткан кезде бир жерине суу чыкпай, дагы бир жерине суу топтолуп калган жерлери кездешүүдө. Эми, ачыгын айтсак, өттү-кетти эми ал жерди тегиздей албайбыз. Кемчилигибизди моюнга алалы. Эми сугатты көзөмөлгө алуу милдети туулуда. Мен бригадирибизге, ал тургай башкармабызга кайрылып, иштегиси келбеген сугатчыны алмаштырууну талап этейин деп турамын. Ал эми алардын ишин көзөмөлдөө үчүн күнүгө эки аялдан кезектешип, сугатчылар Алымбеков, Кабаев менен кошо жүрөлү. Ушунча аракет кылып келип, эми аз калганда таштап коймок белек!?

-Ийий, эми үйдөгүлөргө эмне деп барабыз?, - деди Ырыс менен Зулайка жарыша сүйлөп,

-Андай болсо, - деди Асылкан күлкүсүн бир аз тыйып, - кезегиңер келгенде эриңерди кошо ээрчитип алгыла.

-Эртеңден баштайлы. Мен Данаш менен эртең чыгып берейин. Калганыңар өз ара макулдашып алгыла, - деп Күлсара колундагы кетменин тигиндей таштап, олтурарда аялдардын ичинен бирөө.

-Бригадир акебиз келе жатат. - деп калды.

-Амансыңарбы, карлыгачтар, - деди Касым минген атынын оозун тартып. Чылбыры менен атынын бир бутунан тушап, атын арык жээгиндеги отко кое берди да, Күлсаранын жанына келип, сөзүн улады: - Кечээ ушул биздин тушубуздагы "За линию ЦК КПСС" колхозунун кызылчасын көрүп келген элем. Бүгүн болсо биздин ылдый жагыбыздагы "Күрпүлдөктүн", андан төмөн совхоздун кызылча аянттарын чалгындап келдим. Көзүңөрчө мактагым келбейт.

Бирок, салыштырмалуу силердики дурус. Эми сугаттан кетирбесек эле ойдогудай түшүм ала алабыз.

-Эми калганын Кудайдан деп көрө жатабыз да, - деди Маспур кенебеген адетин карматып.

-Ооба, - деди бригадир үн чыккан жакка бурула берип - Бирок, Кудай деп эле кол куушуруп, оозубузду ачып олтуруп алсак кимге жагабыз? Ошондуктан акылга салып иш кылалы Кыскасы, мына өзүңөр, айыл, колхоз-баарыбыз уят болбогондой бололу дегеним.

-Эртеңден баштап сугаттын жүрүшүн көзөмөлгө алабыз. Күнүгө эки аялдан чыгып, күндүз да, түнкүсүн да сугатчылардын ишине көз салышат. Биздин талапка чыдабагандар болсо, ордун алмаштырып, ал тургай керек болсо өзүбүз деле сугарабыз да, - деди Күлсара бул маекке чекит койгондой.

Эртеси айтканындай эле звено башчысы Данаш менен сугатчылардын ишине көз салышты.

-Вот дают бабы, а?! - деди Николай Лукин жанындагы өнөгү Сартбайга карап, экөө түштөнүп олтурган маалда. - Думаю, тепериче нам покоя не будет.

-Ничего, ничего, - деди өнөгү анын оюн билип, - И мы должны показать и доказать...

Ырасында да Күлсаранын звеносунда иштегендердин мээнети текке кетпегендиги маалым боло баштады. Сулайман карыя кемпиринен айрылган болсо да сегизинчи небересин көрүп олтурганга тобо кылып, Болоттун бутуна ишенимдүү туруп калганына кубанып, маашырлана олтурган жыл болчу.

Чарбанын башкармасы П. М. Байдин кезектеги жыйындын күн тартибиндеги маселени кабыргасынан койду. Алдыдагы эң башкы милдет кант кызылчасын убагында жана коромжусуз жыйнап алуу экенин баса белгиледи. Башкы агрономду жана бригадирлерди карап, эгер алынган милдеттенме аткарылбай кала турган болсо алардын жеке жоопкерчилиги жөнүндөгү маселе партиялык чогулушта караларын дагы катуу эскертти. "Туура түшүнгүлө, - деди Петр Михайлович бир аз жумшарып, - менден дагы райондогулар талап кылып жатышат". Эртең кызылчанын казуусун баштайбыз. Баарыңар өз-өз ордуңарда болгула!

Бригадир Кошоев Касым кеңсесине келип, дароо звено башчыларын, механизаторлорду чакыртты. "Буюрса, - деди ал баары чогулгандан кийин, - эртең казууну баштай тургандыгыбыз чечилди. Биз ага дайынбыз го деп ойлоймун. Бирок эч качан ток пейил болуп отуруп албайлы. Ар нерсеге дайын бололу. Эртең таңынан талаа четинде болсок, колхоздун башкармасы өзү жана райондон келген өкүлдөр ар звенону кыдырып чыгышат экен.

Күлсара бригаданын кеңсесинен чыккандан кийин түз эле аны сагынып күтүп турган талаасын көздөй бет алды. Жөө эринбестен баш-аягына чейин бир сыйра кыдырып чыкты. Барбайган жалбыректарын сеңселтип каз-катар созулуп жаткан кызылчаларын эртең дал ушул жерде кайнай турган эмгек шанынын ыргагына бийлей турган кичинекей бийчи кыздардай көрүп кетти. Ананайындарым, деп жалбыректарынан сылап, үйүн көздөй арышын таштады.

Үйгө көз байланганда келди. Кол жуугучта жуунуп жаткан Бейшенаалы аны көрүп: "Бригададан чыккандан кийин көрүнбөй калдың го? - деди. - Сагынган талааларыңа барып келдиң го. Ансыз деле эртең таңынан чогу барат элек да.

-Албетте, эртең чогуу барабыз. Кызылчаларымды бир сыйра кыдырып келдим. Кенжеси Болотту эркелетип олтурган кайын атасына жакындап, жоодураган көздөрүн жайнатып: "Ата. - деди, - эртең буюрса, кызылчанын казуусун баштай турган болдук". "Болсун, балам, болсун! - деди чал ээгин бүлкүлдөтүп. - Кудайым берерин эч унутпас!"

Таң заарынан туруп, Күлсара бала - бакыраны, атасын, үй-жайды улуу кызы Базаргүлгө дайындап, Бейшенаалы менен жуп кетээрде кайын атасы: "Балдарым, - деди аларга кайрылып, - пенделерине ырыскысын тең берген Теңирге, нурун тегиз чачкан күнгө бата кылып коелук. Кудайым берген өз ырыскыңар, насибиңер менен болгула! Ишиңерден, катарыңардын калбагыла, бара койгула эми..."

Кайын атасынын сөзүнө эргиген Күлсара канатын жайган куштай сызып, кызылча талаасына тез эле жетти. Кызылчачылары толук жыйналып, алардын жүзүнөн ишенимдүүлүктү жана чечкиндүүлүктү сезип, өзүнчө толкунданып турду. Аңгыча кызылча

жыйноочу комбайндарды сүйрөп келе жаткан тракторлор көрүндү. Айыл чарба техникаларынын талаа четине келип эле токтошун күтүп жаткансып, колхоздун башкармасы П. М. Байдиндин минген унаасы жыйналып тургандарды көздөй бурулганын көрүштү.

Андан башкарма өзү, бригадир Касым жана агроном Быков жерге түштү. Саламатсыңарбы, менин кымбаттууларым! - деди Петр Михайлович алдыда тургандар менен кол алышып учурашып, - Маанайыңар кандай? Мына баарыбыз чыдамсыздык менен күткөн учур-кызылчанын казуусу башталганы турат. Баарыңарды маанилүү өнөктүктүн башталышы менен куттуктайм жана ал баарыбызга урмат-сый алып келишин каалайм! Өзүнөр жакшы билесинер, биздин быйылкы эмгектик жеништерибиз буга дейре Улуу Жеңиштин 20 жылдыгына арналган болсо, эми Улуу Октябрь революциясынын 48 жылдыгын татыктуу белек менен тосуп алуубуз абзел".

-Улуу майрамыбызды мыкты эмгектик жеңиштер менен тосуп алабыз, - деди Күлсара башкарманын сөзүнө жооп кылып, - өкмөтүбүздүн биз жөнүндө камкордугун баалоо менен, өз кезегинде биз дагы ишибиз менен кубантууга бар күчүбүздү жумшайбыз Алынган милдеттенмебизди сөзсүз аткарабыз!

-Ырахмат! - деди башкарма. - Анда эмесе, баштайлы. Алга!

Мын ушул күндөн тарта Жайылма айлынын түндүк-чыгыш жагынан орун алган кызылча талаасында башка жердегидей эле кызуу эмгек кайнады. Мындагы көп иштер механикалаштырылып жатса дагы, кол эмгеги зарыл экендиги көрүнүп турат. Кызылча жыйнай турган комбайндан калган кызылчаларды-машактарды күрөк менен казуу, түбү бошотулуп кеткендерди калтырбай терүү, жалбыректарын аарчуу-кызылчачылардын милдети болуп саналат.

Кызылча аянты текши кызылчачылардын санына жараша бирдей бөлүнүп берилет. Комбайнчы ар кызылчачынын чегине келгенде кызылчага толгон комбайндын чөнөгүн ачып, түшүрүп кетет. Түшкөн кызылчалардын жалбыректарын жакшылап аарчып, кызылчачы атайын орун тазалап үймөктөйт. Жүктөгүчтөр аны автоунаага жүктөп салышып, кант заводуна жөнөтүшөт. Ар звенонун мүчөлөрү-кызылчачылар таң заарынан, көз байланганга чейин иштешип, тез аранын ичинде түшүмдү жыйнап, тапшырмаларын

аткаруунун аракетинде болушту.

Жайылмалыктарды Василий Белозеров менен Иван Понамаревдун тракторлорунун күркүрөгөн үнү ойготчу болду. Кызылча жыйноочу комбайнда Бейшенаалы менен Жумабек бекем олтурушуп, ар бир кызылчачыдан жеме угуп калбаш үчүн белгиленген чекке тууралап чөнөктөгү кызылчаны түшүрүп берүүгө бар аракетин жумшап келишет. Үймөк-үймөк болуп жаткан кызылчаларды Иван Бровкин, Николай Лукин жана Дүйшөнбеков Сартбай унааларга тынбай жүктөп жөнөтүшүүдө.

Бригадир менен звено башчысында да тыным жок. Күлсара өзүнө чектелген кызылчаларды аарчып-тазалап коюп, бир сыйра аялдарды текшерип чыгууга улгүрөт. Комбайн сынып токтоп калса, алардын жанына жете келип сурамжылайт. Бир жолу жүктөгүч сынып калып, аларды күткөн айдоочулар башка жакка барып кызылча жүктөп кетээрин айтышканда Күлсара алардын айтканына макул болбостон аларга чечкиндүү: "Бизге атайын бөлүнгөндөн кийин техниканын сынганына шылтоолоп кетип калганыңар болбойт".

Темир болсо да жүктөгүчтүн тетиги сынган экен, ал эми биздин колубуз мына аман эле турбайбы. Азыр эле силерди жүктөй коебуз, - деп курбуларын чакыра баштады - Уруя, Үмүт, Бүкөн, Мария, Атыйка, Айша, Турсун, Сайракан, Сыйнат, Бейшебү, Ырыс, Кенже...

Атайын жолдомо менен келишкен таластык айдоочулар Яша, Догдурбек жана орто-арыктык Тезекбай аялдардын мындай ар-намыстуулуктарына, шайма-шай иштегендиктерине абдан таң калышты. Алар түштөн кийин эле бир нече иреттен кант заводуна каттоого аргасыз болушту.

Звено башчысы муну менен гана чектелип калбастан, казылган кызылчынын талаада калып калбашына өзгөчө көңүлүн бурду. Анткени ар бир кызылча үчүн канчалык мээнетеништи эле. Канчалган мандай терин төгүштү. Бул ирет кызылчачыларды кыдырганында жалбыректардын арасын ачтырып, кызылчынын калбашына жана жакшылап аарчылышына маани берип келе жатты.

Бригадир Касым дагы талаага келгенинде колундагы камчысы же бутундагы өтүгү менен тээп, жерде калган кызылчаны эринбей

ойдө көтөрүп, үймөккө кошуп жатып: "Эй, баланча, - дей турган, - Ушуну көрбөй көзүң кашайып калдыбы, ыя? Буга канча эмгек кетти, билесиңби? Колхоздун канча каражаты, кызылчадагылардын канчалаган эмгеги кеткенин тигил кулагың, бул кулагың менен да угуп койгун.. "Чынында да аялдар Касымдан коркуша турган. Иш үчүн жакын-алысына, уулу-кичүүнө карабай туруп катуу урушуп алып, кыйладан кийин жумшарат.

Адаттагысындай эле Күлсара бул жолу дагы карамагындагылардын иш сапатын текшерүү үчүн кыдырып жөнөдү. Таза иштеп жаткандыктарына ыраазы болуп бараткан. Бир маалда Күлүйпанын тушуна келгенде жалбыректардын арасында дөмпөйүп жаткан килейген эки кызылчаны таап алды. Аттын башындай кызылчаны эки колуна зорго алып, тикирейе карап: "Ушуларды көрбөй калдыңбы? Ай, ушу кенебестигиң качан калар экен..." - деди да шарт басып кетти.

Күлсара талаада кызылчанын калып калбашын, таза иштөө зарылдыгын аялдарга күнүгө эскертет. Ал тургай эртен менен келе жатышканда жол жээгинде түшүп калган кызылча болсо да мүшөккө же этегине салып келип, үймөк кызылчага коштурат. Планыбызды жана социалисттик милдеттенмебизди орундатуу үчүн ар бир кызылча эсепке кириши керек. Ушунча мандай терибиз менен өстүрүп алып, эми аны өйдө кылуудан эринебизби, - деп кызылчачы курдаштарына нечен курдай айтып келет.

Үймөктөлгөн кызылчалардын жүктөлүшү солгундай баштаганда, дароо курдаштарына кайрылып, аларды жалбырак менен жабууну же көпкө созула турганы байкалса, топурак менен көмдүрүүнү талап этет.

-Азаматсың, Күлсара! - деди бир күнү агроном менен бригадир ага атайын кайрылышып, Кызылчаларды ташып жеткирүүдө унаалар жетишпей жаткандыгы райондук жайналышта да баса белгиленди. Жакында аскердик унаалар жардамга келише тургадыгы анык болду. Ага чейин тазаланган кызылчалар салмагын жоготпош үчүн топурак менен же жалбырак менен жабуу зарылдыгы келип чыгууда Ошону сага айталы деп кайрылганбыз. Сен биздин ойду айттырбай эле таап, баарын ойдогудай кылып койгон экенсиң. Мунуңа чоң ырахмат. Ыраазыбыз.

-Мага эмес, - деди звено башчысы алардын мактоосуна анча маани бербегендей, - аны аткарышкан жалпы кызылчачы аялдарыма ырахмат дегиле. Анткени, көргөнүңөрдүн баары-алар тарабынан бүткөрүлгөн жумуш. Мен айттым. Алар аткарышты. Мээнет ошолордуку.

-Аныңыраc, - деди агроном макул болуп, - Эми азыркы маалыматтарга таянып айта турган болсок, Касым, сенин бригадаң чарба боюнча алдыда баратат. Ал эми зенолордун арасынан биринчилик - К. Сулаймановонын кызылчачыларында. Келгиле, жазып жүргөн маалыматтарыбызды салыштырып, тактап алышалычы. Кана, белгиленген аянтыңардын жарымысын казып болдуңар. Түшүмдүүлүк силердин эсебиңер боюнча канчадан айланып жатат?

-Менин эсебим боюнча гектарына 650 центнерден айланууда, - деди Касым чекесине түшкөн шапкесин өйдө жылдырып, - Ушул аянтыбыз уят кылбайт.

-Мендеги жазууларым да дал ушундай, - деди звено башчысы.

-Чынын айтыш керек бул аянтыңардан бери эле дегенде 600дөн кем эмес түшүм аласыңар. Ал эми тигил аянтыңар артка тартат го Жакшылап карагыла, сууга каптатып же кургатып албагыла. Касым, берки звенолоруңду өзүң кыдырып чык. Мен, - деди агроном кош айтышып жатып, - Капталдагы, Орто-Арыктагы кызылчачыларды кыдырып келейин.

Казуу башталардын алдында башкарманын кеби ар кимдин эсинде эле. Күлсаранын кызылчачылары Улуу Октябрь революциясынын 48 жылдыгын жүздөрү жарык тосуп ала тургандыгы айдан ачык болду. Жогоруда айтылып кеткендей берки аянттын ар гектарынан 650 центнерге чейин түшүм алынып, тигил аянттан алынган түшүм андай болбой калды. Жалпылап жыйынтыктап келгенде К. Сулаймановонын звеносуна бекитилип берилген 70 гектардын ар биринен 474 центнерден түшүм алынгандыгы маалымдалды.

Ачыгын айтканда Күлсара мындан да жогору түшүм алууга мүмкүн экендигине көзү жете баштады. Бул жолу кайсы жерден кемчилик кетиргендигин эстеп, көз алдынан тизмектеп өткөрүп жатты. Сугаттан кийин топурак катый электе жумшартуу керек

экендигин, айрым жерлерлин чөпкө бастырып жибергендигин эстеп жатты. Убагында ташылып кетпеген кызылчалар да көпкө жатып, соолуп өзүнүн башкы салмагын кыйла жоготуп койгондугу да звено башчысынын ичин сыздатты.

Касым менен кеңешип эмдиги жылы кайсы жерге кызылча эгүү максатка ылайык экендигин эртеңкиге болжоду. Бул жолу мурда беде айдалган аянт туура келип калганына кубанды. Курбуларына айтып, талаага кык ташытып, тегиз айдалган аянттын четинен беденин дүмүрүн тергизе баштады.

ЖЫЛДЫЗ БОЛУП КӨКҮРӨККӨ ТАГЫЛДЫ

Калың эл эртең жаңы 1966-жылды тособуз деп жабыла кам көрүп жаткан кезде жайылмалык Сулаймандын Бейшенаалысынын үйүнө Панфилов атындагы колхоздун башкармасы П. М. Байдиндин машинеси келип токтоду. Андан шопур жигит ашыга түшүп, эшигин ачык бойдон таштап үйдүн каалгасын какты. Чыга калган Күлсарага учурашканды да унута калып: Сизди Петр Михайлович тез келсин деп жатат", - деди. Анын шашылыш экенин көргөн Күлсара үстүнө пальтосун чийе салып, жоолугун ондонуп машинеге олтурду.

-Эмнеге чакыртты экен? - деди шопурга жолго чыгышканда.

-Аныгын билбейт экем. Бирок, жакшы кабар дешти.

-Оозуңа май. Ошондой эле болсо экен. Эмне болуп кетти экен деп санаам тынчыбай жатпаймбы, - деди демин бир аз басып.

Ал колхоздун башкармасынын иш бөлмөсүнө кирип барганында Байдин, Быков жана ошол кеңседе иштегендердин бир тобу бар экен. Ал баарысы менен башын ийип учурашкандай болду. Баары аны тигиле карашканынан улам үнү өзүнө угулуп-угулбай ыңгайсыз абалда калгансыды. "Саламатчылык, - деди Петр Михайлович ордунан тура калып, - Күлсара, биз Сени чын жүрөгүбүздөн куттуктап коелу деп чакырттык. Жаңы эле борбордон кабарлашты. Сага СССР Жогорку Советинин Президиумунун Указы менен "Социалисттик Эмгектин Баатыры" деген эң жогорку наам ыйгарылыптыр. Биздин куттуктообузду кабылда.

Кыштын кычыраган күнүндө кайдан-жайдан таап келишкенин ким билсин, башкарма гүлдестени Күлсарга сунуп, колун бекем кысып

маңдайынан өптү. Ал жердегилердин баарысы Эмгектин Баатырын кучактап, колун бекем кысышып, кызуу куттукташты.

-Эмгектин Баатырына үйдөгү балдарына барып, эс алсын уруксат берелик,-деди башкарма жанындагыларга кайрылып, - Күлсара, 12-январда айыл чарба алдыңкыларынын кеңешмеси болот. Мына ошол жерден өкмөтүбүздүн жогорку сыйлыктары тапшырыла тургандыгын эскертишти Мына ошол күнгө даяр бол. Эми үйүңө барып, балдарыңдын бетинен өөп, бизден Бейшенаалыга жана Сулайман аксагалга салам дуба айта баргын.

Жолдо келе жатып, Күлсаранын кубанганынан тамагы буулуп. Көздөрүнөн жашы тегеринип кетти. Тунарыктаган көздөрүнө эч нерсе көрүнбөй баратты. Үйгө жеткиче өзүн бекем кармоого аракеттенди. Мындан отуз жыл мурда оорудан каза болгон энеси. Мына ушул Жайылмага келин болуп келгенинен он төрт күн эле өткөн кезде жарык дүйнө менен кош айтышып кете берген атасы оюна адеп келди. Ушул ийгилигимди угуп эле кетсенер гана...

Жеткирип келген башкарманын айдоочусуна ырахматын айтып жөнөтүп коюп үйгө кирди. Мештин түбүндө олтурган кайын атасынын алдына сыңар тизелей колдорун чекесине тийгизип: "Ата, - деди каргылданган үнүн бийигирээк чыгарып, айтканыңыз келип мага өкмөтүбүз тарабынан эң жогорку сыйлык - «Эмгектин Баатыры» деген наам ыйгарылгандыгын сүйүнчүлөп колхоздогулар чакыртып жиберишкен экен. Бул ийгиликте сиздин мээнетиңиз чоң. Ата, ыраазылыгыныздыбатаңызды берип коюңуз?!

"Айланайын каралдым, Алга дайым карагын, Алганың менен тең кары, Балдарыңдын бүт баары, Аман болсун ар дайым Колдоп жүрсүн Кудайым! Эмгегиңен баар тапкын, Элге кызмат кыл, жаккын!... Оомийин", -.деди карыя бир аз калтыраган колун кеңири жайып. Күлсара жүктүн арасынан камдап койгон тебетей менен чепкенди токсонго келип калган Сулайман аксакалга жапты.

Аңгыча ансыз да бака -шака болуп жаткан үйгө Маспур, Данаш Жүмагүл , Күлүйпа болуп кирип келип калышты. Алар бир ооздон:

-Сыйлыгың кут болсун, Баатыр! - дешти.

-Келгиле, келгиле. Айтканыңар келсин. Жогору өткүлө.

Бул баарыбыздын жеңишибиз. Силер болбогондо мындай

урматка жетмек кайдан?

Бир маалда демиге чуркап, үйгө кызы Базаргүл кирип келди. "Апа, - деди ал энесин моюнунан кучактап. - Баатыр болгон турбайсыңбы. Куттуктаймын! Мектептеги агай - эжейлеримен угуп, үйдү көздөй чуркабадымбы"

-Кокуй, бул кыздын сүйүнчүсүн бергиле, - деди апасынын тентуштары. Бейшенаалынын заматта күлкү-кубанычка толуп чыкты. Жакшы кабарды укканконшу-колоң, ага-туугандар келип жатышты.

Башкарма алдын ала айткандай эле 12-январда борбор шаарыбызда болгон айыл чарба алдыңкыларынын республикалык кеңешмесине катышты. Ага дыйкандар менен малчылар - эмгек алдыңкылары жана жетекчилер менен адистер чакырылган болчу. Кенешменин ишине Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин мүчөлөрү П. Е. Вакулов, И. П. Капустин, Б. Мамбетов, Н. Г. Минич, Б. Мураталиев, А. Сүйүмбаев, Т. Усубалиев, А. П. Чубаров, Т. Балтагулов, С. Бегматова, П. В. Чвертко, П. Г. Якимук жана башка окумуштуулар, партиялык, советтик кызматкерлер катышышты.

Бул республикалык кеңешмеде Кыргызстандын Министрлер Советинин Төрагасы Б. Мамбетов кеңири баяндама менен чыгып сүйлөдү.

Адегенде быйылкы жыл кезектеги беш жылдыктын алгачкы жылындагы эмгектик ийгиликтер КПСС тин 23-съездинин жана Кыргызстандын түзүлгөндүгүнүн 40 жылдыгынын урматына арнала тургандыгын баса белгиледи. 1966-жылга карата эл чарбасын өнүктүрүүнүн планы боюнча 144 мин тонна эгин, 16 млн. тонна сүт, 70 млн. даана жумуртка 26 мин тонна жүн мамлекетке тапшыруу каралган. Бул жылга карата дайкандардын башкы милдети-эмгек чыгымдарын азайтуу менен айыл чарба өсүмдүктөрүнүн түшүмдүүлүгүн жогорулатуу.

Өткөн 1965-жылы республика боюнча мамлекетке 17,5 млн. тонна кант кызылчасы төгүлгөн. Бул белгиленгендегиден 1,5 млн тоннага көптүк кылат.

Республикабыз боюнча кызылча өстүрүүнү колго алгандан берки эң жогорку көрсөткүч экендиги баса айтылды. Кызылча аянттарынын ар гектарынан алынган орточо түшүмдүүлүк 344

центнерди түзгөн. Эмгек атаандаштыгындагы биринчиликти ар гектардан 394 центнерден түшүм алууга жетишкен Кант районунун чарбалары жеңип алган.

Мекенибиз биздин кызылчачыларыбыздын каарман эмгегин калыс жана татыктуу баалап өкмөтүбүздүн эң жогорку сыйлыктарын аларга ыйгаргандыгы бизди чексиз кубандырат.

"Социалисттик Эмгектин Баатыры" деген эң жогорку наам Кант районунун "Алга" колхозунун бригадири К. Айдарбеков, ушул эле райондун Ленин атындагы колхозунун башкармасы Т. С. Климчук, Москва районундагы Энгельс атындагы колхоздун кызылчачылардын звено башчысы Н. И. Репетун, Панфилов атындагы колхоздун кызылчачыларынын звено башчысы К. Сулайманова сыяктуу эмгек алдыңкыларына ыйгарылды.

Жолдош Б. Мамбетов Эмгектин Баатырларынын жаңы ысымдарын атаганда кеңешменин катышуучулары ордунан туруп, бир топко чейин дүркүрөтө кол чабуу менен сыйлык ээлерин куттукташты. Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин жана республиканын Жогорку Советинин, Министрлер Советинин атынан өкмөттүк сыйлыкка татыктуу болгон эмгек алдыңкыларын кызуу куттуктады, дагы мыкты эмгектин ийгиликтерди жарата беришин каалады.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы Т. Усубалиев СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1965-жылдын 31-декабрдагы Указы менен "Социалисттик Эмгектин Баатыры" деген наамга татыктуу болгон кыргызстандык эмгек алдыңкыларына "Орок жана Балка" алтын жылдызын, "Ленин" орденин тапшырды. Мына ушул салтанатуу кырдаалда, кыргыз жергесиндеги эң мыкты эмгектенип жатышкан алдыңкылардын алдында ушундай урмат-сыйга татыктуу болуп жатканына бир ишенип-ишенбей өзгөчө толкунданды.

Күлсара бул өкмөттүн эң жогорку сыйлыгы жалаң гана жеке өзүнө тиешелүү эмес, чогуу иштеген кесиптештерине-кызылчачы курбуларына да тиешелүү экенин түшүндү. Бул кеңешмеден кийин үйгө барганда андан мындагы республикалык кеңешменин жүрүшү туурасында сурай тургандыктарын да эсинен чыгарбай, баарын


жакшылып, угуп, төпкөй-чачпай чарбадагылар менен бөлүшөрүн унутпады.

Кыргызстандын Министрлер Советинин төрагасы Б. Мамбетовдун доклады боюнча жарыш сөзгө биринчи болуп Ош облаткаруу комитетинин төрагасы Т. Кошоев чыгып сүйлөдү. Ал түштүк пахтачылар берилген тапшырманы мөөнөтүнө мурда орундатып, тамеки, эт; жумуртка, жибек өндүрүү боюнча да милдеттер аткарылгандыгын сыймыктануу менен айтып, алдыдагы оштук дыйкандардын миллеттерине токтолду. Жарыш сөзгө чыккан Э. Ибраев - "Коммунизм" колхозунан, И. Осмонкулов - № 113 жылкы заводунан, "Катта-Талдык" асыл-тукум заводунан - К. Исмаилов, "Алга" - совхозунан - Ш. Санжаров, "Жаңы-Талап" колхозунан - Ш. Исаев, сыяктуу малчылар өздөрүнүн өткөн жылдагы эмгектик жетишкендиктерин, мал чарбасын өркүндөтүү боюнча өз сунуштарын жана алдыдагы милдеттерин абийирдүүлүк менен аткара тургандыктарын айтышты.

Күлсара өзгөчө өзүнө жана кант кызылчасын өстүрүү боюнча айтылган кептердин чыпчыргасын коротпой эстеп калууга аракеттенди. "Биздин коллектив, - деди Калинин районундагы Ильич атындагы колхоздун звено жетекчиси В. Ф. Савоськин, - кызылчаны жыйноо иштерин комплекстүү механикалаштыруу жолу менен мурдагы жылы ар гектардан 500 центнерден кем эмес түшүм алууга жетишкен элек. Тоңдурма айдоо учурунда эле болочок кызылча аянтты тегиздөөгө көңүл бурабыз. Эрте жана кыска мөөнөттө тигилген кызылчанын уругу ойдогудай чыгат. Аларды катар аралыктар боюнча гана сууну бирдей калыпта агызып сугарабыз. Эмгекти туура уюштуруу жана агротехникалык эрежелерди кынтыксыз аткаруу мол түшүм алуунун ишенимдүү жолу деп эсептейм".

Кыргызстанда пахта жыйноочу комбайнды башкарууну биринчилерден болуп өздөштүргөн аялзатынан чыгаан чыккан Саадат Ногоева (Ленин районунун Рахманжан атындагы колхоз) өткөн 1965-жылы 162,7 тонна пахтаны комбайн менен жыйнагандыгын айтты. Ал эми жети жылдын ичинде жалгыз өзү 910 тонн ак алтынды жыйнаганга жетишиптир. Жалаң гана





1966-жылы 12-январда айыл чарбасынын алдыңкыларынын республикалык кеңешмесинде өзгөчө айырмалангандарга өкмөтүбүздүн эң жогорку сыйлыктары тапшырылган. «Социалисттик Эмгектин Баатыры» деген жогорку наамга татыгандар: К. Сулайманова - Калинин районундагы Панфилов атындагы колхоздун кызылчачылардын звено башчысы, Н. И. Репетун Москва районундагы Энгельс атындагы колхоздун кызылчачысы, Т. С. Климчук-Кант районундагы Ленин атындагы колхоздун башкармасы.

түштүктөгү пахта аянтында эмес, дегеле башка жер-жерлердеги бүтүндөй талаа жумуштарын механикалаштыруу жана бригада же звено башчысынын жеке үлгүсү эмгекти уюштурууга зор өбөлгө экендигин баса белгиледи.

Ал эми Түп районунун "Заря" колхозунун бригадири Ф. Н. Седых айыл чарба жумуштарын механикалаштыруу менен катар эле сугат иштерин ар тараптан өркүндөтүү өзүнүн натыйжалуу жемишин бере тургандыгын дилилдуу баяндады. Алардын көл аймагында 1961-жылдары колхоз боюнча эгин аянттарынын ар гектарынан 13 центнерден гана дан алып келишкен болсо, 1965-жылы 23 центнерден, өзү башкарган бригада 24,6 центнерден түшүм алышкан Бул сугат тарматарын өркүндөтүүнүн натыйжасында жетишилген. Мындан беш жыл мурда чарба боюнча болгон 1 мин гектар жер гана сугарылып келсе, азыкы учурда 3500 га жер сугарылууда. Чарбада органикалык жана минералдык жер семирткичтерди ташып, талаага чача турган атайын отряд уюштурулган. Бирок, азырынча атайын техника жок болгондуктан дан сепкичтерди жана башкаларын ылайыкташтырып пайдаланып жатышкан экен. Ушул жагын биздин илимпоздор ойлонушса деген тилегин да билдирип кетти.

Айыл чарбасынын алдыңкыларынын республикалык кеңешмесинин катышуучуларынын алдында Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин экинчи катчысы А. П. Чубаров сүйлөп алдыдагы зор милдеттерди - КПССтин XXIII съездинин тарыхый чечимдерин турмушка ашыруу үчүн республиканын эмгекчилери эч нерседен аянбай тургандыгын ишендирип кетти.

Кеңешме аяктаган сон, өкмөттүк сыйлыктарга ээ болгон, орден -медалдарды тагынган эмгек алдыңкыларынын колдорун бекем кысып куттуктагандар көбөйдү. өзгөчө "Социалисттик Эмгектин Баатыры" деген эң жогорку наамга татыктуу болушкан кызылчачылардын жанында топтолгондор көп болду. Алардын ар бирин кесиптештери, тааныгандары гана эмес, басма сөз каражаттарынын кабарчылары да кызуу куттукташып, өз окурмандарына кеңири тааныштыруунун аракетин жасап жатышты.

Үчөөнү-жайылмалык К. Сулайманованы, ак-суулук Н. И. Репетунду, канттык Т. С. Климчукту чогуу турган жеринен сүрөткө тартып алышкандыктан эртеси эле республикалык басма сөз каражаттарынын көбүндө жарыялангандыгына көпчүлүк өзү күбө. Бул сүрөттү ушул кезге дейре эстелик катары сактап жүрүшөт.

Эстен кеткис кеңешмеден кийин Күлсара райондун жана чарбасынын жетекчилери менен Жайылмага келишти. Анын кесиптештери тагыраак айтканда насиптештери-ушул чоң ийгиликти биргелешип жараткандар анын чоң жйынга кеткенин угушуп, келерин чыдамсыздык менен күтүп турушкан экен. Бардыгы Күлсаранын колун кысып, бетинен өөп, бекем кучакташып кубанычтарын жашырбастан чын дилдеринен билдирип жатышты. Энесин көргөн козудай чуркурап, бала-бакырасынын улам бири келип моюнуна асылып жатышты. Алибетүү Бейшенаалынын, ал тургай токсондон ашып, турмушунда далай кубаныч-кайгыны башынан кечирген Сулайман аксакалдын да көздөрүнөн кубанычтын жашы тегеренип кетти.

... Күн артынан күн учкан куштай зымырап өтүп жатты. Күлсара эмгектик жеңишинин түйшүгүн бирдей тартышкан курбуларына абдан ыраазы болду жана алардын алдында чоң жоопкерчиликти сезүү менен алардын кызыкчылыгы жана арнамысы үчүн ар убакта даяр туруп, кайратмандык менен иштөөгө бел байлады. Карачы өзү менен алардын да күйүп-бышып, кара жанын карч уруп, иштеп жатышкандыктарын. Мына ушунуп баарысын көрүп-билип туруп кантип көңүлкөш жумуш кылууга болот? Өкмөттүк сыйлык аны өргө тартып, өзгөлөрдөн кыйлага өйдө иштөөгө тийиш экендигин ар убак эстетип тургандай.

Ырасында да, Күлсара эки эселенген кайрат менен иштей баштады өткөн жылы кетип калган кемчиликтерди быйыл кетирбөөнүн аракетин кылды. Жыл башында болгон. Баатыр атка конгон республикалык кеңөшменин жүрүшүндө тыныгуу маалында алдыңкы кызылча өстүрүүчүлөр менен маектешип пикир алышканы да ага чоң сабак болду. "Биз, - деген канттык кызылчачылар аянтыбыздын ар гектарына 13 тоннадан кем эмес кык жана 3 центнерден суперфосфат чачабыз. Адатта тоңдурманы чарбанын

жерлери бошоп, калган маалда, октябрь айында айдайбыз. Эрте жазда талаабызды мыктылап тегиздеп, себүүнүн алдында сөзсүз малалайбыз. Кызылчанын уругун кыска мөөнөттүн, бир жуманын ичинде сээп бүтүрүү керек. Себүү мезгилинде жөөктөргө 3 центнерге жакын суперфосфат жана жарым центнердей аммиак селитрасын беребиз. Мындан тышкары жай мезгилинин ичинде үч жолу кошумча азыктандырып, беш жолу сугарып, ошончо жолу жумшартып-отоп турабыз"

-Биздин жерибиз алардыкынан шордуу келет, - деген Касым звено башчасынын айткандарына муюп, - Ошондуктан кыкты канчалык көп чачсак, ошончулук жакшы. Органикалык жер семирткечтерди го биз деле ошончо санда берип жатабыз. Биз аянтыбызды тегиздөөнү жана сугатты башынан-аягына чейин көзөмөлгө ала албаганыбыз чын. Жерге берген органикалык азыктарыбызды кызылча тамырынан талашкан отоо чөптөрдү тамыры менен чаап, керек болсо аялдардын колдору менен жулдуруп жок кылыш керек. Көрдүңбү, канттыктар канча жолу отоп жумшартышат экен? Эми ар бир колду жана убакытты текке кетирбейли. Жүйөөлүү себептери гана болуп сурангандарга уруксатың бер. Сугарганда текши, бир калыпта суу жиберишибиз оң тура. Отоо чөптөргө сугарылгандан кийин, жер жумшак, отоо чөптөрдү тамыры менен жулууга жеңил чакта каптасак канчалык көп отоп-жумшартсак ошончулук олжо. Эмитен эле аялдардын кулагына куюп, максатыбызды түшүндүр.

Мээнет текке кетпеди. Кызылчачылардын майрам, айт күндөрү да талаага чыккан учуру көп эле болду. "Тээтиги чөптү көрүп кантип турууга болот, - дей турган Күлсара аялдарга кайрылып, - Ал биз чачкан азыктарды, биздин мээнетибизди ачыктан-ачык эле жеп жатпайбы. Бул жолу аялдар дароо эле түшүнгөндүгүн көрүп, Күлсара күндөн-күнгө өзүнө бекем ишене баштагандыгын сезди. Натыйжасы жаман болгон жок. Сөзүбүз куру болбос үчүн райондук "Эмгек данкы" газетасынын 1966-жылдын 13-октябрдагы санында К. Сулайманованын макаласы-убада, кеби жарыяланган эле, ошого токтолсок:

"ИЙГИЛИКТИ АРТТЫРАБЫЗ"

Биздин звенобуз көптөн бери кант кызылчасын өстүрөт. Жыл сайын бизге жеңиш кубанычты алып келүүдө. Биз өткөн айыл чарба жылында 70 гектардын ар биринен 474 центнерден кызылча алганбыз.

Республиканын жана анын Компартиясынын 40 жылдыгын татыктуу тосуп алуу үчүн болгон социалисттик мелдешке кошулуп, звенонун коллективи быйыл даңктуу эмгектенди. 73 гектардан мол тушум өстүрүлдү. Биз, 20-октябрга чейин кант кызылчасын казууну аяктап, ар гектардан кеминде 400 центнерден кызылча алууга милдеттенгенбиз.

Сөз иштен ажыратылган жок. Эмитен эле 58 гектардын кызылчасы жыйналды. Ар гектардын түшүмдүүлүгү 458 центнерди, ал эми айрым жерлердики - 490 центнерди түздү. Биз кант кызылчасын сатуунун планын ашыра аткардык. Аны ташуу улантылып жатат. Звенонун бардык мүчөлөрү мол түшүмдү тез жана коромжусуз жыйнап алуу үчүн күрөшөт.

Комбайнда тажрыйбалуу механизатор Петр Коваленко, трактордо Федор Мельчикин иштейт, ал эми кызылча жүктөгүчтү Н. Бровкин башкарат. Алар сменалык тапшырмаларын ашыра аткарышат. Биз кант комбинатына кызылчаларды тезирээк жөнөтүүгө, анын талаада жатпашына, кургап жана солубашына аракеттенебиз".

К. Сулайманова.

Панфилов атындагы колхоздун № 6 бригадасынын звеновою. Социалисттик Эмгектин Баатыры.

Күлсара жана анын кесиптештери айткан убадасынын өтөлүнө чыгышты. Мыкты тажрыйбаларды ишке колдоно билүү, агротехникалык эрежелерди аткаруу жана чымырканган эмгек менен панфиловдук кызылчачыяар мамлекеттик планды ашыгы менен аткарууга жетишти. Буга колхоздун гана эмес райондун жалпы эмгекчилери ыраазы болуп жатышты. өзгөчө колхоздун башкармасы П. М. Байдин карамагындагы карапайым кызылчачылардын кажыбас эмгегине кубанып жетине албай жүрдү. "Биздин чарбада иштегендер



Кыргызстандын белгилүү аялдары-Социалисттик Эмгектин Баатырлары: К. Шопокова, З. Кайназарова, А. К. Щербакова, А. Т. Юматова, Т. Эрматова, С. Ногоева, К. Сулайманова, Н. И. Репетун, Т. Сагымбаева, С. Юсупова. 1966-ж.



СССР Жогорку Советинин эл депутаттары-анын 7-чакырылыштагы 1 сессиясына катышкандар. Москва-Кремль. 1966-ж.

башкалардан эмнеси кем, - деди бир күнү өзүнчө намысы козголуп, - Партия менен өкмөт талап кылып жатса, мындан мыкты көрсөткүчтөрдү жаратабыз. Касымга окшогон бригадирлер, Күлсарага сыяктуу кыйын кызылчачыларым тааланын майын чыгарып талбай иштеп жатышса, кандай гана кыйынчылыктар болбосун жеңип кетебиз"

Алеки заматта кеңсесиндеги активдерди чогулта койду. Алардын ар бирин бир сыйра көзү менен сыдырта карап алгандан кийин ойлуу айнектен жолду тиктеп, чечкиндүү үнүн чыгарып аларга кайрылды:

-Мына баарыбыз биздин колхозчуларыбыздын мыкты эмгегине күбө болуп турабыз, чынбы? Менин пикиримче, ар ким эмгегине жараша эмгек акысын гана эмес, дагы кошумча сыйлыктарын алууга тийиш. Ошондуктан, силердин да пикириңерди угайын деп чакырып олтурганым.

"Рысбай, деди башкы эсеп - кысапчыга кайрылып, - өзгөчө быйыл айырмаланган жолдоштордун эмгек акысына дагы кошумча, сыйлык маяна чектөө жагын жакшылап ойлонуштурчу, жарайбы?

Ал эми, Юра, Касым, силер өзүңөрдүн карамагыңарда талаачылыкта айрыкча айырмаланып иштегендерди көз жаздымында калтырбасанар. Ар ким өз энчисин эмгегине жараша алууга тийиш. Акырында айтайын дегеним бул "К. Сулайманованын звеносунун багындырган эмгектик чеги биздин чарбада гана эмес, райондо жогору бааланууда. Силер анын былтыркы жана быйылкы эле көрсөткүчтөрүнө карабагыла. Мен муну байкадым. Күлсара өзү жыйырма жылдан ашык мезгилден бери кызылча кылып, ал эми звеного башчылык кылган 10 жылдын ичинде алган тапшырмасын дайым ашыгы менен аткарып келе жаткан экен. Демек, биз аны бекеринен "Баатырлыкты" бербеген экенбиз. Эми быйылкы көрсөткүчүн алып көргүлөчү. Мына, быйылкы СССР Жогорку Советинин эл депутаттыгына татыктуу талапкер. Кандай дейсиңер?

-Туура, абдан туура, дешти беркилер.

-Андай болсо, Күлсара Сулайманованын документтерин даярдоо жана тийиштүү жакка жөнөтүү милдетин Татьяна Иосифовнага тапшыралы. Калганын өз багынан көрсүн.

-Биринчи жолу эл депутаты болгон күнүмдү кантип унутайын, - дейт Күлсара эже көздөрүн жоодуратып, Бардыгы күтүлбеген жерден болду. Мен ал күнү бала-чакама кечки тамагын жасап олтургамын. Бир оокумда кошуна турган Маспур ашыга келип: "Күлсара, уктуңбу? - деди демигип, - Азыр эле радиодон айтышканын өз кулагым менен уктум: Панфилов атындагы колхоздун звеновою Күлсара Сулайманова СССР Жогорку Советине депутат болуп көрсөтүлдү дешти... Куттуктайм!"

Ага удаа эле Данаш, Гүланда, Оңол, Жумагүл, Тамара, Сайна жана башка бирге иштегендери, кошуна-колоңдор, тууган-туушкандар куттуктап келип-кетип жатышты. Албетте, Күлсара кең Совет өлкөсүнүн чоң жыйынында кыргыз элинин өкүлү катары катыша тургандыгын күткөн эмес эле. Эл катары таңдан кечке чейин кызылча кылып, ушунчалык чоң ишенимге татып олтурганына жетине албай турду. Демек, эл-журтка ырахмат? Даңкка жараша жүк боло тургандыгына ынанды. Экинчи жагынан өңүндө көргөн түшүн аткан кайын атасыныкы туура чыгып жатканына таң калып турду.

Мурдагыга караганда кыйла эле ал-күчтөн тайып, токсондон ашып калган Сулайман карыя үйдөгү балдарга караан болуп турганы турган. Бүгүнкү окуяга күбө болуп, жүрөгү элжиреген аксакал Кудайга жалынып жатты: "Ыраазымын, сага Теңирим! Бейшенаалым кандуу согуштан аман-эсен келип, ак жолтой Күлсарадай келинге үйлөнүп, он балалуу болуп менин атымды минтип айыл-аймакка гана эмес, ааламга чыгарып жатса, кантип кубанбайм да, эмнеге ыраазы болбойм?! Жанымды азыр аламын десең мен ыраазы, жараткан!"

Күлсаранын элдик депутат болгонуна жайылмалыктар жана колхоздогулар гана эмес, бүтүндөй аймагыбыздын, ал тургай кыргыз журту мүлдө кубанып турду. Ошол маалда жайылмалык келиндин эмгектик жетишкендиктери, өкмөт тарабынан анын эрдиги жогору бааланган дыгы туурасында аңыз-кеп күчөгөндүн үстүндө болду. Күрпүлдөктүк айылдык акын Оторбаев Кеңешбектин райондук "Эмгек даңкы" газетасына жарыяланган төмөнкү ыры буга далил:

"БААТЫР ЭЖЕ"

(Панфилов атындагы колхоздун звеновою, Социалисттик Эмгектин Баатыры, СССР Жогорку Советинин депутаты Күлсара Сулаймановага)


Кардуу жыл кан жыттанып батыш жактан,
Кары-жаш кабак бүркөп кайгы тарткан
Эненин эркелеген ойноок кызы
Эрте-кеч үй жумушун мойнуна арткан.
Ажырап атасынан кайгы чегип,
Айлуу түн уктай албай жашын төгүп.
Күлсара ошол кезде эс тарткан кыз,
Күнөөлөп фашисттерди жүрдү сөгүп.
Аттанды билек түрүп ак эмгекке,
Ант берип актасам деп аппак сүтүн
Энеден аяган жок болгон күчүн
Душмандан аламын деп ата кегин,
Сактады сабыркабай ичке демин
Иштеди билек түрүп чоң кишидей
Агызып жаш да болсо тунук терин
Көтөрүп чоң кетменин карысына
Конгондой алгыр бүркүт далысына
Жаратып тамган терден адал эмгек
Жарады эл журтунун намысына.
Кыйындык нечен түркүн баштан өттү.
Калк үчүн кайртатуу кыз нурун төктү
Түнкүсүн суу сугарып чөп отоду
Түйшүктүү татаал турмуш көрдү көптү.
Көзүнөн келечектин оту тамган
Күлсара көп ичинен чыкты балбан.
Турган көз кызгалдактай бойго жетип.
Сүйгөнү аман келсе болбос арман.
Жеңиштин желбиреди кызыл тусуу
Жер капты фашисттердин ызы-чуусу.
Илинди рейхстагдын төбөсүнө
СССР элдеринин тынчтык туусу.

Кошулду сүйгөнүн кол кармашып,
Кубанычты тынчтыкка бир арнашып.
Күткөнү темир уста болду келип,
Өскөндөй экөө бирдей гүл жаңашып.
Күлсара жеңди турмуш кыйындыгын
Көрсөм деп ак эмгектин жыйынтыгын
Аттанды тынчтык турмуш майданына
Элимдин кант кошсом деп каймагына
Көрктөнүп көк жалбырак талаа бетин
Аралап элестетет жаштык кезин
Арчынат ак жоолугун колуна алып,
Тер аккан чаң аралаш жумшак бетин.
Сезгенсийт бир кубаныч жүрөк чиркин
Күлсара эртеңкисиң кайдан билсин
Үймөктөйт кызылчасын аарчып бүтүп.
Дегендей калгандары бүтүп ийсин.
Бүтүштү кызылчасын аарчып казып,
Бараткан машиналар зоотко шашып
Билишти эң акыркы жыйынтыкта
Толгонун бир звено планы ашып.
Чынында алты жүздөн берген экен
Кыргыздын балбан кызын билди Мекен
Мурунку талыкпастан баскан жолу
Келечек Күлсарага сыймык экен.
Белгилүү баарыбызга Баатыр эже
Чыңалган эмгек менен булчуң дене
Кут болсун Эл депутаты болупсуз.
СССР Жогорку Совегине

Күлсара ушинтип жалпы элдин сүйөмөнчүгүнө айлангандыгына көзү жете баштады. Ал ошончулук маңдай терин төгүп, жоопкерчиликти сезүү менен жанын аябай эмгектенди. Анын ак эмгеги текке кетпегенин алган сыйлыктары ачык көрсөтүп турат. Мына жогорудагы ырда айтылып кеткендей кең Мекенибиздин чакан Жайылма деген айылдын бир келини калың калктын кадыр-баркын



Даңкка жараша жүк, Сезилет экен бүт.




Кайыңды тоосу-аймагыбыздагы жердин коозу.



Бейшенаалы жана Күлсара балдары менен Кайынды тоосунда. 1973-жыл.



Балдарың жанында-көңүлүң жайында.



Апа, 8-Мартыңыз менен!



Мынакей, Алмазбек, карагын. Болоттун жазган барагын.



Базаргүл баарын текшергин, Чыгарды бекен эсебин?
Жайылма. 1963-ж.



Күлсара айылдашы Дүкөн, кесиптеши, Социалисттик Эмгектин Баатыры Н. И. Репетун, тун уулу Жетимиш менен, 1966-ж.



Күлсара жолдошу-Бейшенаалы, кайын эжеси-Ракыя, күйөө баласы-Шамалбек, балдары-Бактыгүл, Жеңиш менен. 1972-ж.



СССР Жогорку Советинин эл депутаты К. Сулайманова шайлоочуларын кабыл алууда.



Элдик өкүл калайыктын талабын, шайлоочулардын өтүнүчүн канаттандырат.

кыйлага көтөрүп салды. 1966-жылы кызылча өстүрүү боюнча социалисттик мелдешке жигердүү катышып, өз звеносуна берилген тапшырмасын ашыра аткаргандыгы үчүн "Буткүлсоюздук айыл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн Башкы комитетинин 1967-жылдын 6-октябрь айындагы токтомуна ылыйык "Алтын медаль" менен сыйланды.

Аялзаты катары Күлсаранын алдында дагы бир зор окуя күтүп турган эле. Ал күн деле көпкө күттүрбөгөн сыяктуу болду. Бейшенаалы менен Күлсаранын бүлөсүндө "онунчу" болуп Бактыгүл төрөлдү. СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1968-жылдын 2-февралдагы Указы менен ага "Баатыр эне" ардактуу наамы ыйгарылды. Ал эми ушул окуяга күбө боло албай, 92 жашында жер жазданып кете берген Касиеттүү карыяны-Сулайман аксакалды оюна алган Эмгектин Баатыры, эми болсо Баатыр эне атанган ак жолтой келини эстегенден жана кубангандан тегеренген көз кашын жоолугунун учу менен сүрттү...

"БААТЫР ЭНЕ" ЭМГЕГИНЕН ТААНЫЛДЫ

Бир жумадан кийин "Баатыр эне" жогорку наамынын белгиси "Алтын жылдызды" төшүнө тагышты. Үйдөгүлөр өз ара тамашалашып: "Биринчи "Алтын Жалдызды" - апабыз өзү эмгектен алган, ал эми экинчисин - ага Бактыгүл алып берген, - деп калышат. - Ошондуктан Бактыгүл-апасынын нак кызы» Ошондой эле болду. Андан кийин Жеңиш менен Нургүл төрөлдү.

Эне үчүн баладан артык эмне бар? Күлсара даңк үчүн эмес, мына ушул балдарынын жаркын келечеги үчүн талыкпастан эмгектенип, аларды жер каратпастан, тескерисинче ата-энеси менен сыймыктангандай даражада иштөөнү өзүнө максат кылып койгон.

Ал эми мына ушундай максат-тилекти иш жүзүнө ашыруу үчүн дагы далай убакыт, талыкпаган аракет зарыл эле. Күлсара мурдагыдан бетер чымырканууменен кызылчадан мол түшүм алуу үчүн аракетинен жазбады. Анын эпкиндүү эмгеги өз кезегинде партия менен өкмөт тарабынан калыс бааланып жатты. Бул жолу дагы сегизинчи чакырылыштагы СССР Жогорку Советинин эл

депутаттыгына көрсөтүштү. Биздин өлкөдө мынчалык урмат-сыйга эки жолу удаасы менен Советтер өлкөсүнүн парламентине өкүл болуп шайланыш чанда боло турган көрүнүш. Бул чындык. Анын "Баатыр эне", он баласы бар экендигине карабастан кызылча талаасында талыкпай эмгектенип жүргөн жөнөкөй кыргыз келинининин эрдигин совет эли жогору баалагандыгына ал жетине албай ыраазы.

Улуу өлкөбүздүн борбору болгон Москва шаарына Жогорку Кеңештин сессиясына баргандагы учурлар кантип эстен кетсин. өлкөгө күч-кубат беришкен чыныгы уул-кыздары чогулуп, мындан ары өлкөнү өркүндөтүү маселелерин талкулоо үчүн чоң жыйынга келишкен убакыттар унутулбастан, тетиринче жаны ойлорду, максаттарды пайда кылып, улам илгерилеп жаңы эмгектик ийгиликтерди жаратууга шыктандырды.

Өзүнүн эмгектик жана энелик эрдиктери менен оозго алынып, жалпы элдин урматтоосуна татыган Күлсара райондук гана эмес, республикалык жана бүткүсоюздук денгээлдеги жыйындарга катышып, көзү ачылгандыгын сезе баштады. Ал кызылча талаасын ойлоо жана анда иштөө менен гана чектелбестен, өлкөнүн коомдук-саясый турмушуна жигердүү катышуу менен өзүнүн, элдин өкүлү катары көптөгөн милдеттерин дагы аткарууга тийиш экендигин анык билди.

Айылындагы мектепке, районго чакырылган сайын колунан келишинче дайыма барууга аракеттенет. "К. Сулайманова "Социалисттик Эмгектин Баатары" деген наамды алганда, - дейт Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими Бердибай Акбаров, - райондо биринчилерден болуп биз, Панфиловдогу мектеп-интернаттын коллективи эже менен жолугушуу өткөргөнбүз. Пионерге кабыл алганбыз. Генерал Панфиловдун музейин ачканыбызда дагы ардактуу мейман катары чакырганбыз. Эже ошондо генералдын жубайы Мария Ивановна жана кызы Валентина менен жолугушкан. Ошондой эле Москва алдындагы салгылашууга катышкан панфиловчу эр жүрөк кыздарыбыздын бири-айтылуу Асия Исмаилова да бул жолугушууда мейман болуп: "Мына биздин бүгүнкү чыныгы баатырларыбыз", - деп айтканы баарыбыздын эсибизде".

Кыргыз жергесинде өздөрүнүн маңдай терлерине жараша эл урматына татыган эр-азаматтар менен республикалык деңгээлдеги жыйындарда жолугушуп жүрдү. өзүнө окшоп өкмөттүн эн жогорку сыйлыгына татып, "Социалисттик Эмгектин Баатыры" наамын алышкан: жети өгүздүк башкарма Н. Т. Юматова, кадамжайлык эритүүчү - С. Тишеев, тогуз-торолук чабан - М. Жаңыбаева, аравандык башкарма Т. Кочубаев, караколдук шопур К. Кадыров жана башкарлары менен Москвага чейин барып, СССР Жогорку Советинин сессиясына катышып жүрдү.

Оштук пахтачы Саадат Ногоева, тогуз-торолук чабан Маруся Жаңыбаева, тоңдук чабан Кайыр Мукашева менен көп сүйлөшүп, жакын да болуп кетишти. "Ошондо сенин кеңешмеде чыгып сүйлөгөнүң мага чоң таасир калтырган, - деген Күлсара Саадат менен алгач таанышканында. - Мындан төрт жыл мурда, ага "Соцэмгектин Баатырын" бирешкенде республикалык кеңешмеде келип куттуктагансың. Ошондон үч ай өткөндөн кийин эле «Баатыр» аталбадыңбы. Чынында эле техниканы кыз-келиндерге кеңири үйрөтүү зарылчылыгын байкап жүрөм. Ойлоно жана көңүл бура турган иш экенине барган сайын ынанып барам.

1970-жылдын 1 -апрелинде В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык урматына карата "Эмгектеги каармандыгы үчүн" медалы менен сыйланды. Мындан эки жарым ай өткөндө кийин эле Москвага барып, СССР Жогорку Советинин сегизинчи чакырылыштагы биринчи сессиясына катышып келди. Эсте каларлык көп эле учурлар болду. Айрымдарын чынында эле эч качан унута албайсын;

-Бир ирет, - деди эже борборго баргандагысын эсине түшүрүп, жолдошум Бейшенаалы экөөбүз Москва дарыясында кеме, пароход менен кетип баратсак, анда америкалык туристтер бар экен. Алар менин төшүмдөгү орден-медалдарды, айрыкча жаркыраган жылдыздарды көрүп таң калышып, тилмечтери аркылуу бизден сурамжылап жатышпайбы. Мен болгонун-болгондой эле айтып бердим. Кантип 12 баланы төрөп, анан кандайча эмгектенип жүргөнүмө аябай таң калышкандыгы көрүнүп эле турду.

-Менин бир кызым бар, - деди алардын арасынан бир аял, -

аны тарбиялаш мен үчүн абдан кыйын болуп жатат. Укмуш! Мындай биздин түшүбүзгө да кирбей турган нерсе.

-Мен бактылуу аялмын, - дедим аларга чечмелеп, Жашоодогу максатым-алардын жаркын келечеги үчүн талыкпай эмгектенүү. Мен жетим өстүм. Энем 15ти төрөгөн, бирок, үчөөбүз гана калыптырбыз. Эң кенжем - Нүргүлүм өзүмө окшош. Жаш кезимди элестетет. Балдарымдын чоңураактары кичинелерин карайт. Баары жакшы окушат, мага жардамдашышат. Ата-эне үчүн мындан артык бакыт барбы?" Америкалык туристтер менин кош алтын жылдыздарымды көпкө телмиришип, ал тургай кармалап да көрүштү. Ушул учурда өзүмдү Ала-Тоонун чокусунда турганымдай сездим...

Алар да өз кезегинде эстелик, белек болсун дешип он эки балама 12 калем сап беришкен.

Экинчи жолу эл депутаты болуп шайланганымда Кыргызстандын атынан бюджет боюнча комиссиянын мүчөсү элем. Комиссиянын төрагасы Өзбекстандын экинчи катчысы Ломоносов деген болчу. Ал менин балдарымды сагынып жүргөнүмдү билдиби, жаныма келип сурап калды:

Сизге эмне болду? Эмнени ойлоп олтурасыз? Үйгө баргыңыз келсе, билет дайын. Үйүңүзгө эки күнгө барып келиңиз...

Мен абдан сүйүнүп, ага ыраазы болдум. Ошондон кийин бир жумада бир үйгө келип-кетип жүрдүм.

1970-жылдын сентябрь айында СССРдин Компартиясынын Генсекретары Леонид Ильич Брежнев кыргыз жергесине келгендеги тарыхий окуя катары баарыбыздын эсибизде. Мына ошол учурдагы эң ардактуу мейманды элибиздин каада-салты боюнча нан-туз менен тосуп алуу боюнча расмий милдет биздин жердеш эжебизге - "Социалисттик Эмгектин Баатыры" жана "Баатыр эне" Сулайманова Күлсарага жүктөлгөн. Ал тагылган милдетти кылдат аткара алды. Мына ушунун өзү эле эң жөнөкөй, карапайым атуул эмгеги менен элге таанылып, Улуу өлкөбүздүн жетекчисин эң алды болуп тосуп чыкканы канчалык ардактуу жана сыймыктуу. Бул жалаң эле өз айылга же аймакка эмес, республикадан да, кең өлкөбүздүн тышкары да таанымал болду, даңкты чыгарды деген кеп эмеспи.

Иманбекова Таштан: "Мен Панфилов атындагы колхоздо 1971


- 1973-жылдары комсорг, ал эми 1986-жылдары парторг болуп иштеп калдым. Күлсара эже менен көптөгөн жыйналыштарга чогуу барып жүрдүк. Ал өзүнүн эң эле жөнөктөйлүгү, карапайымдыгы менен жаштарга үлгү боло алды. Эжени мен мыкты насаатчы катары баалаймын. 1970-жылдары өлкөбүздө жаштар бригадаларын түзүү күч алган убак болчу. Биздин колхоздо да жүгөрү өстүрүү боюнча жаштар бригадасын түзүүнү чечтик. Ошондо Күлсара эже насаат сөздөрүн жаштарга айтып, биз сыяктуу жаштарды жигердүү эмгектенүүгө чакырган жалындуу сөздөрүн айткан болчу. Биз да шыктанып жаштар бригадасын түзүп, Н. П. Зазерскийди бригадир кылып дайындаганбыз. Эжебизден таалим алган жаштарыбыз жүгөрүнөн ар гектарынан 80 центнерден дан алышып, намыска жарап беришти. Бул мээнетибиз үчүн Николай Петрович - "Каарман эмгеги үчүн", мен болсом - "Эмгектеги артыкчылыгы үчүн" медалына татыктуу болгонбуз.

Ооба, К. Сулайманова кызылча талаасындагы жумуштары менен алек болбостон, коомдук-саясый турмушубуздагы иштерге да жигердүү катышып, өз салымын кошуп, өсүп келе жаткан муун менен эмгек жана турмуш тажрыйбасын бөлүшүп, насаатчы катары да кеңири белгилүү болю баштады. Райондук жана республикалык чогулуштардын дээлик бардыгына үзбөй катышып келди. Мына ушунун өзүнөн эле анын коомдук-саясый жактан эбак жетилип калгандыгы ачык көрүнүп турду. КПССтин катарына кабыл алынгандыгы дагы такыр эсинен кетпейт. Дүйнөлүк абройго ээ болгон саясый уюмдун мүчөсү болуу да канчалык жооптуу жана ардактуу. Башкаралардын айырмаланып Күлсара өзүнүн ак эмгеги менен коомубуздун алга илгерилеш жана гүлдөп өсүшү үчүн эбегейсиз салым кошуп келе жаткандыгы ондогон эмес, жүздөгөн-миндеген атуулдардын кылганынан артык болуп жаткандыгын ким тана алат.

1971-жылдын 30-мартынан 9-апрелге чейин Москва шаарында болуп өткөн КПССтин XXIV съездинин ишине катышкан Кыргызстандык делегаттардын арасында К. Сулайманова да бар эле. Бул жолу ал Компартиянын тарыхий съездинин чечимдерин турмушка ашыруу максатында өз ишин абийирдүүлүк менен аткарып,




КПСС БКнын Генсекретары Л. И. Брежнев
Кыргызстанга келгенде. 1970-ж., сентябрь



СССР Министрлер Советинин төрагасы А. Н. Косыгин
Кыргызстанга келгенде, 1974-жыл, ноябрь



А. Н. Косыгин, Т. Усубалиев, К. Сулайманова



Т. Усубалиев, К. Сулайманова, А. Сүйүмбаев

кызылчадан мол түшүм алууга жетишкен эле. Анын кезектеги эмгектик жеңиши өкмөт тарабынан дагы бааланып, СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1971-жылдын 8-апрелдеги Указы менен "Эмгек Кызыл Туу" ордени менен сыйланды. Аны республикабыздын жетекчилери Т. Усубалиев, Т. Кулатов, А. Сүйүмбаев жана ошондой эле "Социалисттик Эмгектин Баатырлары" - жазуучу Ч. Айтматов, аравандык пахтачы С. Юсупова, базар-коргондук башкарма Ө. Атабекова, ат-башылык чабан Ж. Курманбеков, куруучулардын бригадири Е. Ф. Чернышов, канттык башкарма Д. П. Зубков жана башка бир топ жолдоштор кызуу куттукташты. Анын бул кубанычы менен мурдатан бери жакшы тааныш болуп калышкан Н. Юматова, К. Мукашева, С. Ногоева, Т. Кочубаев да тең ортоктош болушту.

Москвадан сыйлык алып келген Күлсараны райондогулар кулач жайып тосуп алышты. Ал бул жолугушууда партия менен өкмөтүбүз 9-беш жылдыктын тапшырмасын аткаруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү жумшоо зарылдыгын баса белгиледи. Келерки партиялык съезд аралыгында алдыда дагы эң маанилүү коомдук - саясый окуя - СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгы күтүп тургандыгын эскертти. Ошондуктан, - деди Күлсара, эпкиндүү эмгектенели, кымбатуу жердештерим. Мекенибиздин жарым кылымдык мааракесин эмгектик чоң ийгиликтер менен тосуп алалы!

Звено башчысы адаттагысыдай эле кызылча талаасын көздөй жөнөдү. Анын мындай адаты бар экенин Бейшенаалы билчү. Ошондуктан тим койчу. Сагынган тааласына барып, бугун чыгарып алсын деп ойлоп калар эле. Жалбыректары бажырайып турган кызылчасын көрүп көз кумарын кандырса болмок. Бирок, бүгүн боз талаада, ала-шалбыртта эмне бар? Анын да себеби бар бар эле. Бул жолу жубайынын шаабайы сууп турганып байкап, Бейшенаалынын да жүрөгү тилинип турду. Анткени, ана-мына келинчек алып үйлөнөм деп турган уулу Рысбек кырсыктан каза болуп, 22ге чыкканында жер жазданды. Күйүтү ичке батпай турган кургур эне талаасына барып, бугун чыгарып алууну туура көргөн. "Ал жакка эмнеге ашыктың экен, алда, каралдым, ай?! - деди муңдуу ооз учунан, - эми чоң атан Сулаймандын жанында болорсуң..."

Бир маалда "Апа, апа, аа!" -деген үндү укту. Караса ондогу

Алмазбеги экен.

-Эмне? Деги тынччылыкпы?

-Сизди чакырып жатышат. Райондон келишиптир.

-Бара албайм го, деди эне кабагы суз. - Бойго жеткен баламан айрылып калдык. Ойго алгандарыңа ырахмат!

-Кечиресиз. Күлсара эже, кайрат кылыңыз! - деди райондук өкүл, - Бирок, республиканын жетекчилери атайын сураныч кылышкан экен.

-Күлсара, - дешти айылдын карыялары. - Кайгыны ый менен эмес, кайрат менен гана жеңүүгө болот. "Чакыргандан калба"... деген илгеркиден калган кеп бар. Анын сыңарындай, сыйлап чакырып жатышкандан кийин барып келгениң оң. Кудайга тобо кыл. Биякта Бейшенаалың, чоноюп калган бала-бакыраң турат. Биз барбыз го. Эл-журт, айыл-апа дегендей. Кам жебе.

"8-Март - Аялдардын эл аралык күнүн салтанатуу белгилөө үчүн Москвага чакыртышкан экен, - деди Күлсара эже ал күндөрүн эсине түрүшүп, - Бизди аялдар комитетинин төрайымы, белгилүү космонавт- учкуч В. Терешкова өзү тосуп алды. Мен Бегматова менен баргам. Кремлде КПССтин Борбордук Комитетинин Генсекретары Л. И. Брежнев баштаган партия менен өкмөтүбүздүн башчылары катышкан салтанаттуу майрамдык жыйынга күбө болдук. Мен көбүнчө В. Терешкова жана анын жолдошу космонавт А. Николаев менен бирге болдум. Аялдар Комитетинин төрайымы В. Терешкованын катчысы М. В. Фрунзенин кызы бизди "жердештерим" деп өзгөчө сыйлап-кадырлап жүрдү"

Айтмакчы, 1974-жылдын октябрь айында СССР Министрлер Советинин төрагасы А. Н. Косыгин келгендигин жалпы элибиз жакшы билет. Мына ошондо дагы ардактуу конокту тосуу аземине республикабыздын жетекчилери менен Күлсара эжебиз да катышканын радио-теледен, басма сөз каражаттарынан угуп-көрүп жана окуп абдан кубанганбыз.

А. Н. Косыгин жергебизге келип, аэропорттон тоскондо атайын колумду кармап:

-Быйылкы түшүмүң кандай? - деди.

-Республикабыз боюнча биринчи, - деп жооп берди Т. Усубалиев.

-Силердин кызылчанар, - деди А. Н. Косыгин мындай жоопко ыраазы болгондой, - Союз боюнча канттуулугуу жагынан үчүнчү орунда.

-Бул келиндин 12 баласы бар, - деди А. Сүйүмбаев ВДНХга барганыбызда.


-Мен чын жүрөгүмөн Сизге бардык жакшылыктарды тилейим! Балдарыңыз аман болсун! - деген А. Н. Косыгин өтө мээримдүүлүк менен колумду бекем кысым жатып.

Учкан куштай өтүп жаткан мезгил менен жарышкансып, Күлсара да улам бир эмгектин чектерди багындырып, звеносуна тагылган тапшырмаларды ашыгы менен аткаруунун үстүндө болду. Ага республикабыздын тийиштүү уюмдары тарабынан тапшырылган. Ардактуу диплом, грамоталар, "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү", "Беш жылдыктын ударниги", "Коммунисттик эмгектин отличниги" сыяктуу төш белгилер ачык көбө. Сулайманованын кажыбаган эмгеги дагы эске алынып, Кыргыз ССРнын Жогорку Советинин эл депутаты катары 1975-жылы 9 чакырылыштагы алгачкы сессиясына катышты.

1976-жылдын 16 - 18-февралдарында Кыргызстан Компартиясынын 16-съезди болуп өтүү. Анда өткөн беш жылдыктын ичинде республикабызда 70 өнөр жай ишканасы жана Токтогул ГЭСи пайдаланууга берилгендиги, ошондой эле республикабыз өнөр жай өндүрүшүн өркүндөтүү боюнча тапшырмасын мөөнөтүнөн иурда аткаргандыгы баса белгиленген. Айыл чарба азык-түлүктөрүнүн дүң жыйымы 5, 46 млрд. руб. түзгөн. Съездде Кыргызстандын эмгек алдыңкыларынын жана чыныгы комунисттеринин арасынан татыктууларды - КПССтин XXV съездине делегаттарды сунуш кылуу маселеси каралганда К. Сулайманова биринчилерден болуп аталды.

1976-жылдын 24-февралынан 5-мартка чейин КПССтин XXV съезди өтүп, совет элинин тарыхында өз изин калтыргандыгы талашсыз Бул жолу Күлсара Москвага жакшы тааныган Т. Усубалиев, А. Сүйүмбаев, Т. Кулатов, А. Дүйшеев, Т. Кошоев, Ч. Айтматов, К. Акназаров, С. Ибраимов, К. Каракеев, К. Молдобаев, К. Мукашева, Ш. Санжаров, П. М. Ходос жана башка делегаттарыбыз менен чогуу учту.

Улуу жолбашчы В. И. Лениндин мовзелейинин жана Съездер



СССР Жогорку Советинин эл депутаттары анын 8-чакырылыштагы 1 сессиясына катышкандар. Москва-Кремль. 1970-ж.



СССР Жогорку Советинин 8-чакырылыштагы II сессиясында.
Москва-Кремль. 1970-ж, 8-декабрь.



В. И. Лениндин 100 жылдыгына арналган, салтанаттуу жыйындын катышуучулары. Москва-Кремль. 1970-ж, 22-апрель.




КПССтин XXIV съездинин жүрүшү. 1971-ж.



Кыргызстандык делегаттар тыныгуу маалында. 1971-ж.



КПССтин XXIV съездинин делегаттары - Кыргызстандын өкүлдөрү.
Москва-Кремль. 1971-ж., 30-март - 9 апрель.




Кыргыздын залкар жазуучусу Чынгыз Айтматов менен Баатыр эне, Социалисттик Эмгектин Баатыры - К. Сулайманова көпчүлүктүн көңүл борборунда. Москва, 1976-ж.



К. Сулайманова Аялдар күнүнө арналган жыйынга барганда. Москва. 1975-ж., март.



Социалисттик Эмгектин Баатырлары К. Сулайманова жана О. Атабекова. Монголиядан келген меймандар менен. 1982-ж, 8-апрель.



Тигүүчү, Социалисттик Эмгектин Баатыры - М. Сыдыкова саанчы, МНРдин Социалисттик Эмгектин Баатыры - Ц. Хорлоо, кызылчачы, Баатыр эне, Социалисттик Эмгектин Баатыры - К. Сулайманова



Кызылчачылардын республикалык кеңешмесинин катышуучулары: К. Сулайманова кесиптеши-жердеши М. Кучумова, «Победа» колхозунун звеновою А. Ортнер, «Победа» колхозунун бригадири И. Лапин.



КПССтин XXV съездинин делегаттары - Кыргзстандын өкүлдөрү В. И. Лениндин мовзелейинин жанында. Москва-Кызыл аянт. 1976-ж.



КПССтин XXV съездинин делегаттары - Кыргызстандын өкүлдөрү тыныгуу маалында, Москва-Кремль, 1976-ж, 26-апрель - 5-март.

Сарайынын ичинен-тышынан түшкөн сүрөттөр өткөн даңктуу жана сыймыктуу күндөрдү Баатыр эженин эсине салат.

"Баатыр эне", К. Сулайманованын Москвага болгон бул сапары дагы "жемиштүү болду". СССР Жогорку Советинин Президиумунун 1976-жылдын 10 марттагы Указы менен ага "Октябрь Революциясы" ордени тапшырылды.

Съездде: "X беш жылдык план-улуу социалисттик Мекенибиздин бардык республикалардын, элдердин жана улууттардын өнүгүшүнүн программасы болуп саналат" - деди Л. И. Брежнев. - Мыкты иштеп, натыйжалуулукту жана сапатты жогорулатуу" - социалисттик мелдештин урааны болуп калышы керек. Эмгекке коммунисттик мамиле кылууну жалпы элдик кыймылга айлантуу зарыл".

Панфилов атындагы колхоздун алдыңкы звеновою партия менен өкмөт алдында алган социалисттик милдеттенмесин абийирдүүлүк менен ашык аткарып, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин жана Айыл чарба министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланып, 1976 - 1977-жылдарда "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" катары таанылды.

Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин 1977-жылдын 31-октябрындагы № 45 токтомуна ылайык "Социалисттик Эмгектин Баатыры". "Баатыр эне" Күлсара Сулайманова республикалык "Эмгек Даңкынын жылнаамасына" киргизилип, ысымы түбөлүккө жазылып кала турган болду. Негизи бул жылы Күлсара Октябрь революциясынын 60 жылдыгына, СССРдин түзүлгөндүгүнүн 50 жылдыгынын урматына кажыбастак менен эмгектенип, күжүрмөндүүлүктү көрсөткөнү мына ушундан эле көрүнүп турбайбы.

Совет элине дааныштмандык менен өнүгүү жолун көрсөтүп келген КПССтин беш жылдык тапшырмасын, үч жарым жылда аткарып, кызылчаны белгиленгенден ашык тапшырганы жалпыга маалым болду.

-XXV партсъездге делегат болуп келгенинде дем алышка чыккан кезде, бир чет элдик аял аны колун кыса куттуктап, ишим жана балдарым жөнүндө кызыгуу менен сурап калды.

Кош алтын жылдызды көрүп, балдарды кантип багып,

баатырдык иштерге кантип жетише турганымды таң кала сурады. - дейт эже мындан көп жылдар мурда болгон окуяны эстеп, - Балдарымды багууга, үй тиричилигимди жеңилдетүүгө мамлекетибиз тарабынан көрүлүп жаткан камкордуктарды айттым. Мындай суроону көп беришерин, ачыгын айтканда таң кала турган эч нерсе жок. Балдарды балдар бакчасына берип, наныбызды колхоз таратып берерин, балдарымдын кичүүлөрүн улуулары бага тургандыгын төкпөй-чачпай айтканымды кунт коюп укkан аял - Грециянын Компартиясынын Саясый бюросунун мүчөсү Кукулу Рула экен.

Ушуга окшогон тыныгуу маалында америкалык "Дейли-Уорд" газетасынын кабарчылары кайрылышып, мындай суроо берип калышты:

-Анджела Девис камакта жатат. Акыбалы оор, көзүн ак басып бара жатат. Сиз эне катары буга карата эмне деп айтар элеңиз?

-Аны тезинен камактан бошотуу керек, - дедим.

Кыргызстандын Жогорку Советинин элдик депутаты катары республикабыздын чет өлкөлөр менен болгон саясый-экономикалык жана коомдук-маданий байланыштарды чыңдоо маселелерине да жигердүү катышып келгендиги талашсыз. Кыргыз жергесине республикалардан гана эмес, Монголиядан, Венгриядан, Түркиядан, Германиядан, Индиядан, Болгариядан, Польшадан жана башкаларынан келгей расмий өлкүлдөрдү кабыл алуунун көбүнө өз көзү менен күбө болуп, катышып жүрдү. Ошондон улам Баатыр эненин элдердин ортосундагы карым-катнашты өркүндөтүү, достукту жана ынтымакты чыңдоо ишине көп салым кошуп келе жаткандыгы эске алынып, Тынчтыкты коргоо комитетинин 1977-жылдын 10 февралындагы токтому менен Күлсара "Тынчтык үчүн күрөшүүчү" ардактуу медалы менен сыйланды.

1988-жылы көрсөткөн эмгек жыйынтыгы да эл алдында жүзүн жарык кылды. "Бүткүлсоюздук эл чарба жетишкендиктеринин көргөзмөсүнүн" алтын медалы менен сыйланып. Панфилов атындагы чарбанын жамаатын, жалпы эле журтун сыймыкка бөлөдү.

Анткени, К. Сулайманова бүткүлсоюздук, республикалык, райондук маанилүү жыйындардын бардыгына катышып коомдук ишмер катары таанылганы да талашсыз. Мындан тышкары коомдук-

маданий, улуттук-спорт иш-чараларына да чакырылса, сөзсүз барып, жалындуу сөзү менен элди эпкиндүү эмгекке үндөп, ийгилик каалап келет.

Насаатчы катары да өзү менен иштеген жаш кызылчачыларга, жаштарга, мектеп окуучуларына эмгектин жана турмуштук тажрыйбаларын бөлүшүүгө ар убак дайын. Өзгөчө өзү менен чогу иштеген Түнгатарова Тамара деген келинден көптү күткөн. Которуштуруп айдоону, мол түшүм алуунун бардык аракетин биргелештип көргөн күндөр кантип унутулсун. 1977 - 78-жылдары кайрак жерлүү Сары-Коонун 75 гектарына кызылча айлашып, 480 центнерден түшүм алышканы бардыгынын эсинде. Мына ошол күндөрдө трактор дүн башкарууну мыкты өздөштүрүп алган Тамара жерди да айдап, жаадырып сугаргыч менен өзү күн-түн дебей сугарып, жогорудагыдай түшүм алынышына аябастан эмгек кылган болчу."Жакшы менен жанашсаң, жакшы атка коносуң..." дегендей Т. Түнгатарованын күжүрмөн эмгеги "Ардак Белгиси", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери, ВДНХнын күмүш медалы менен белгиленген эле.

Жайылма айылынын жаш-карысы сыйлаган, кызылчачыларды катуу талап койгондугу менен "ыйлаткан" бригадир Кошоев Касымдын жамаатка жасаган мамлеси, уюштургучтугу, иштин көзүн таба билгендиги "Эмгек Даңкы", "Эмгек Кызыл Туу" ордендери менен белгилегендиги жалпыга жакшы белгилүү.

К. Сулайманованын звеносунда Кутманалиева Маспур, Ашырбаева Асылкан, Медетова Сайна, Карабаева Гүланда сыяктуу "Баатыр энелер" эмгектенип келишти. Жайылмалыктардын жогорудагыдай эң мыкты эмгектик көрсөткүчтөрдүн жаралышына аталган энелердин эмгеги эбегейсиз.

Күлсара эже 1980-жылы "Эмгек ардагери" медалы менен сыйланып. 1987-жылда гана татыктуу эс алууга чыкты.

АЙКЫН МЭЭНЕТ АҢЫЗ БОЛУП АЙТЫЛДЫ

12 жашынан баштап эле чарбанып талаа жумуштарына аралаша баштаган Абдылда кызы Күлсара жарым кылымдан ашык мезгил бою талбай эмгектенип "Социалисттик Эмгектин Баатыры" жана "Баатыр эне" аталып, туулган жери Каптал-Арык, же эмгектен

жери Жайылма айылынын, ошондой эле Панфилов аймагынын калайык-калкы эмес, жалпы кыргыз журтунун жылдызы жана сыймыгы экендиги кашкайган чындык. К. Сулайманованын эмгектик жана энелик эрдиги муундан-муунга аңыз катары айтыла тургандыгынан да эч шек санабайбыз Анткени, элибизде "Элүү жылда - эл жаңы, жүз жылда-жер жаңы" деп айтылгандай мынчалык мөөнөттө эмес, саналуу жылдардын ичинде эле болуп көрбөгөндөй, ал тургай ойго келбегендей өзгөрүүлөр болуп жаткандыгына жалпыбыз күбө болуп олтурабыз. Так айтканда элдин да, жердин да башкача болуп бара жатканын өз башыбыздан кечирип жатпайбызбы.

Жеке адамдын турмуштагы жана жумуштагы мүмкүнчүлүктөрүн карап туруп эле өзүбүзчө жыйынтык чыгарсак болот. 35 жашында "Социалисттик Эмгектин Баатыры", ал эми 37 жашында "Баатыр эне" деген Улуу өлкөнүн - СССРдин эң жогорку сыйлыгына татыктуу болуу ар бир эле аялзатынан колунан келе бербес. Союз убагында мындай татыктуу аялдар саналуу гана болгон. Менин билишимче алты минден ашуун Баатыр энелердин арасынан мынчалык өкмөттүк сыйлыктарга татыган аялзаты кыргыз жергесинде жокко эсе.

Экинчиден, мындай Баатырларды жараткан Улуу өлкө-Советтер Союзу 70 жылдан ашык мезгилден кийин ыдырап, биз жашап турган коомубузда эмгекти уюштуруу жана аны баалоо таптакыр башкача болуп жаткандыгы да биздин пикирди ырастап турат. Калктын, өзгөчө аялзаттарынын социалдык жана экономикалык абалынын начардыгы да көп баланы төрөп, таалим-тарбия берүү мүмкүнчүлүгүнөн ажыратып тургандыгын моюнга алышыбыз керек. Кылым тогошкон маалга таянып, айта турган болсок, өтүп бараткан жүз жылдыкта тарыхий чындык катары кыргыздын мандайына бүткөн жылдыз, элибиздин мынчалык урмат-сыйына, сүймөнчүлүгүнө айланган чыгаан кыз - Сулайманова Күлсара Абдылда кызы экендиги аңыз катары айтыла бере тургандыгын - турмуш чындыгын баса белгилеп кетким келет.

Мезгил жана коом өз чыгаандарын жаратат деп айтышат. Күлсара эжебиз аймагыбыздагы эле Каптал-Арык айылында төрөлүп,

Жайылма айылында эмгектенди. Өкмөттүк көрсөтмөлөрдөн улам бул аталган айылдардын чакан чарбалары ирилештирилип, башкалары да кошулуп Панфилов атындагы колхоз түзүлгөн. Баатыр эжебизди тарбиялап, ушунчалык бийик даражага көтөргөн мына ушул чарбанын эмгекчилери экендигинде талаш жок. Ошондуктан ушул чарбаны жетектеген жана анда эмгектенген атуулдарыбыздын да пикирин угуп койсок:

Байдин Петр Михайлович: - Мен бул чарбаны 20 жылдан ашык убак жетектеп келдим. Ишибизди партия менен өкмөтүбүз талап кылгандай аткарып келдик. Биздин мээнетибиз текке кеткен жок. Кызылчадан мол түшүм өстүрүп алгандыгыбыз үчүн К. Сулайманова "Социалисттик Эмгектин Баатыры" болду. Колубуздан келгенди жасадык. Бизде Касым деген мыкты бригадир иштеген. Өзүнүн бригадасындагы жумуштарды уюштырууда анын эмгеги зор. Мен экөөнө абдан ишенчүмүн. Мыкты эмгектик көрсөткүчүбүз үчүн мен да, бригадирим да "Эмгек Кызыл Туу", "Ардак белгиси" сыяктуу ордендерге жана медалдарга татыдык. Кыскасын айтканда Күлсаранын талыкпаган эмгекчилдиги үчүн биз аны эки жолу СССР Жогорку Советинин депутаттыгына көтөрдүк.

Худотеплов Петр Гаврилович: - Колхозго Байдинден кийин 1971-жылы келип, 1979-жылга чейин жетектедим. Согушка катышканым үчүн I жана II даражадагы "Ата Мекендик согуш", "Күжүрмөн Кызыл Туу" ордендери менен сыйлангамын. Ал эми тынчтык күндөрү "Эмгек Кызыл Туу", Ардак Белгиси" ордендерине, "Даңк" медалына татыдым. Мына ушул сыйлыктар биздин кандай иштегенибизден кабар берип турат деп ойлойм.

Чарбага келерим менен эле кызылчачылардын звенолорун кыдырып, эмгек шарттары менен таанышып чыктым. Ал кезде биздин чарбада 14 звено бар болчу. 1,5 миң гектар жерге кызылча айдоочубуз. К. Сулайманованы болсо чыныгы эмгектин Баатыры деп билемин. Чынымды айтсам мен звеновойлордун баарысына бирдей шарт түзүп, бирдей мамиле кылып келдим. Бизде кошуп жазуу дегенге жол берилбеген. Анын уюштургучтугу, карапайымдыгы баарыбызга жакчу. Которуштуруп айдоону пайдалана билгендигибизден 450 центнерден кем эмес түшүм алып жүрдүк.



Күлсара Панфилов атындагы чарбанын башкармасы Байдин Петр Михайлович менен келерки түшүмдүн камы жөнүндө маектешүүдө.



Күлсара бригадир Кошоев Касым менен республикалык жыйынга барганында Фрунзе ш. 1974-ж.



Күлсара - Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү. 1974-жыл.



Күлсара академик Курмангали Каракеев менен пикирлешүүдө. Москва, 1976-жыл, 22-апрель.



Т. Кочубаев, К. Сулайманова, К. Мукашева,
Т. Темирбаев, Ж. Курманбеков. Москва-Кремль, 1971-ж.



Күлсара тигүүчү, Социалисттик Эмгектин Баатыры
А. Айткулова, кыз-күйөөсү Базаркүл-Ишен менен.
Кыргыз опера жана балет театры, 1975-ж.



Кыргыстандын Москвадагы көргөзмөсүндө, 1975-ж.



Кыргыз ССР инин Жогорку Советинин эл депутаттары-эмгектин алдыңкылары. 1979-ж.



Социалисттик Эмгектин Баатыры - К. Сулайманова атындагы войлебол боюнча райондук мелдештин ачылышы. О. Тойгонбаев - райспорт комитетинин төрагасы, Күлсара кызы Нургул менен, М. Адучиев - колхоздун парторгу, К. Ниязалиев - РайОНО башчысы Кайынды № 2 орто мектеби. 1981-ж.



Панфилов мектеп-интернатынын жамааты менен жолугушуу. Баатыр эне - К. Сулайманова, мектеп жетекчиси - Б. Акпаров. 1987-ж.



Республикабыздын жана районубуздун жетекчилери менен. Кайынды. 1984-ж, 2-февраль.



Кыргызстандын 60 жылдыгына катышкан районубуздун өкүлдөрү: саанчы - К. Дүйшөнбекова, кызылчачы - К. Сулайманова, шалфейчи - Э. Өмүралиева, тигүүчү - М. Бектенова. 1984-ж, октябрь.

Күлсара менин убагымда "Эмгек Кызыл Туу", Октябрь Революциясы" ордендерине жана бир катар медалдарга татыган. Биздин колхозго Т. Усубалиев, Т. Кулатов, А. Сүйүмбаев бир нече жолуп келип кетишкен. Баатыр кызылчачынын талаасын да көрүп кетишчү.

Ачкасов Виктор Кузьмич: - Районубуздун партиялык уюму мени бул чарбага 1985-жылы Г. Ф. Гербелдин ордуна башкарма кылып дайындады. Мен мында 1974-жылдан тарта башкы инженер болуп иштегенмин Жыйын өткөргөнүмдө К. Сулайманованын пикирин ар убак эске алчубуз. Айтканын ар убак аткарган, өтө жөнөкөй аял катары баарыбыз сыйлар элек. Ал Кыргызстан Компартиясынын биринчи катчысы Т. Усубалиевге түптүз эле кирип, тийиштүү маселебизди дароо чечип берчү, Чарбага кредит, айыл чарба техникаларын бөлдүрүп алуу маселелери боюнча бир топ эле жардамын тийгизген эле. Касым деген бригадирибиздин звенолору жакшы иштешти. Биздин убакта 400 центнерден кем эмес түшүм алып жүрүштү.

Бир ирет кызылча жүктөгүч сынып, төрт саат бою ишсиз туруп калышкан. Муну Күлсара эжебиз көрүп, кызылчачыларды уюштура коюп колдору менен саат 12-гө чейин жүктөп, машинелерди заводго жөнөтүшкөнүн билем. Сары-Коодо эккен кызылчабыз карга калып абдан кыйналганбыз. Бирок, элдин ынтымагы, мээнети күчтүүлүк кылды.

Раимкулов Асан: - Панфилов атындагы чарбаны 1992-жылдын февралынан 1998-жылдын апрелине чейин жетектеп келдим. Биздин убакта мурдагыдай кызылчага маани берилген жок.Эми кайрадан көңүл буруп жатышпайбы.

Мен Күлсара эжебизди 11 жашыман тартып билемин десем жаңылбайм. Анткени, мен ошондо 11 жашыман эженин звеносуна суу ташычумун. Бригадирибиз Кошоев Касым деген кыраакы, ишти уюштура билген адам эле. Ал мага эки аттык араба берип, суу ташытып койду. Арабадагы жыгач челекке төмөндөгү булактан чакага алып, эптеп-септеп жатып толтуруп, кызылча талаасын көздөй жөнөйм. Апам, Жайлообекова Данаш эженин звеносунда иштечү.

Күлсара эжебиз менен кантип сыймыктанбайбыз. Анын мээнеткечтиги эң эле жөнөкөйлүгү, кең пейилдүүлүгү таң калтырат.

Биздин Жайылма айылында алгачкы телевизор Рысбайдыкында, Касымдыкында жана Бейшенаалыныкында болгон. Биз майда балдар алардыкына барып кино көрчүбүз. Көбүбүз Күлсара эженикине барар элек. Айрымдарыбыз оюндан абдан чарчап, кино көрүп олтуруп, кыйшайган жерге уктап калчубуз. Эже болсо, балдарынын катарына жаткырып, үстүбүзгө жаап төшөгүн энебиздей камкордугу эстен кетпейт. Анын үстүнө мен алардын тун улуу Жетимиш менен бирге ойноп чоңойдум.

Биздин муун кызылча-кандай гана түйшүктүү иш экенин жакшы билет. Ошондуктан К. Сулайманованын эмгектик жана энелик эрдиги кийинки муундагыларга аңыз болуп айтыла берерине көзүм жетет. 1969-жылы айыл чарба техникумун бүтүрүп келген соң, ушул чарбада иштей баштадым. Чарбанын парткомунун, башкармалыгынын мүчөсү катары ар дайым өзүнүн пикирин ачык айтып, кызылчачылардын кызыкчылыгын колдой турган. Аны менен бир чарбада иштеп, насиптеш болгонубуздун өзү канчалык. Эл депутаты катары да биз үчүн көп иштерди аткарды. Жардамын эч кимден аяган жан эмес. Коомдук жана саясый мааниси зор жыйналыштардан келгенде дароо жамаатыбыз менен ой бөлүшүп, өз оюн ачык айтар эле.

Тилебалиев Адылбек: - Чарбанын жетекчилигине 1998-жылдын апрелинде дайындалгамын. Баатыр эже менен түзгөн-түз иштешбесем дагы, анын биздин чарбада эмгектенип элдин урматына арзыганы канчалык. Эжебиздин жеке ишмердиги баарыбызга үлгү болушу кажет. Салтанатуу жыйындарда жолугушуп пикир алышып калсак, сөзсүз чарбанын ал-акыбалын сурамжылайт. Ден-соолугу чың болуп, бала-бакырасынын урмат-сыйын көрүп жүрө беришин каалар элем.

Иманбеков Таштан: - Колхоздун комсоргу, парторгу болгон соң саясый тармакты тейледим. Биздин убакта айыл чарбасындагы ар бир өнөктүк, маселен эгинди оруп-жыюу, жүн кыркуу, кызылчанын казуусу жана башканын баарысы салтанат менен башталчу. Сөзсүз насаат сөздөр, каалоолор айтылып, эмгекчилерибизди зор эмгектин жеңиштерге шыктандыруунун салты бар болчу. Өзүбүздөгү гана эмес, райондук жана республикалык чогулуштарга чейин чогуу барып

жүрдүк. Партиянын райкомуна которулганымда андан да тез жолугуп, районубуздун алдындагы милдеттерди турмушка ашырууга салымын аябады. 1989-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Советине депутатыкка талапкер катары Күлсара эже мени сунуштаганы да эч эсимен кетпейт. Эмгегинен бактысын тапкан К. Сулайманова эжебизди эң мыкты насаатчы катары жогору баалайм.

Клочко Федор Федорович: - Мен П. М. Байдиндин чакыруусу менен 1962-жылы келип, чарбада экономист болуп иштей баштадым. Андан соң жети жылдай сүт фермасын жетектеп келдим. Панфилов айыл Кеңешинин төрагалыгына шайлашты. Кийинчирээк бригадир, башкарманын тоют боюнча орун басары болуп жүрүп 1986-жылы ооруп калып, пенсияга чыктым.

Күлсараны, анын күйөөсү Бейшенаалыны, бала-бакырасын жакшы билемин. Алардыкына көп баргам. Балдарын да өздөрүндөй эң эле жөнөкөй, карапайым кылып тарбиялашты, К. Сулайманова 1965-жылы ар гектардан 650 центнерден кызылча алууга жетишип, Баатыр болгону баарыбыздын эсибизде. Эки жолку СССРдин эл депутаты кылып шайладык.

Эгерде элдин баары Күлсарадай иштесе гана, атаганат. Башкача болмок. Убагында ага жетекчи кызмат да сунуш кылышкан. Эч көнбөдү. Иштермандыгын айт, коомдук ишке да баш оту менен берилип, майын чыгара эмгектенет. Бир жолу мени башкармабыз чукул эле чакырып мындай деди: "Күлсараны тезинен борборго чогулушка жеткирип келгин!" Ошондо менин кызматтык "Москвичим" жаңы болчу. Убакыт тар дегенинен чынында эле катуу айдап бараткам. Сокулуктагы Садовое деген жерден МАИнын кызматкери ышкырып токтотту. Эми "ишим бүттү" го деп шылкыйып машинемен түштүм. Ылайыктуу жооп таба албай турганымды көргөн окшойт. Жаныбызга келип: "Иним, биз чогулушка шашып бараттык эле" деди. Күлсаранын төшүндө жаркыраган орден медалдарын көргөн жаш милиционер жигит кайра "честь" берип; "Кечириңиз" деди. Ошентип "Баатыр кызылчачы" мени "бир ажалдан" алып калган. Эмгеги менен эл оозуна алынып, анан 12 баланы төрөп тарбиялаштын өзү кандай эрдик. Күлсара - бул легенда.

Жайлообекова Данаш: - Күлсара менен 1965 - 66 жылдарга

чейин чогуу иштеп, кийин фермага эмгектенип кеттим. Кызылчада сөөгүбүз агарганча иштедик окшойт. Кызылчада күнү-түнү иштеген күндөрүбүз болду. Сүгатына да, жүктөгөнүнө да, зоотко жеткиргенине да барып жүрдүк. Көп жумуш кол менен бүтчү. Жардамы жок иштеген Күлсаранын келини Абдылдаева Атыйка экөөбүз гана болчубуз. Калгандарында эки - үчтөн жардамдары бар.

Кызы Бактыгүл төрөлгөндө биз эми Күлсара жумушка чыкпайт го деп, биз, аялдар өзүбүзчө эле кеңешип звено башчылыгына анын келини Атыйканы шайлап алдык. Эки-үч күндөн кийин эле Күлсара учуп-күйүп келип калды! Кайын атам; Балдарды биз карайбыз. Катарыңан калбай иштей бер дептир. Мына ошондо Күлсара мага өзүнчө сыр кылып кайын атасынын түш көргөнүн айтып берген: "Жан кишиге айткан жок элем. А киши аппак булут эки айнектин тушунан үйдүн ичине түшкөндүгүн көрүптүр" Анын үстүнө мага "Жашың улуу болсо да, жаның курбу" деп айтып калар эле. Анын үстүнө кайын атасы Сулайман менин атам менен жолдош болуптур. Алардыкына көп барчумун.Чоң атам-Саза, атам-Жайлообек балдарды окутушкандыктан молдоке деп коюшчу.Ошондон улум алардыкына барып калганымда "Жайлообек молдокемдин кызына төш тарткыла"деп калар эле. А киши айткандай эле болду. Ошол жылы Күлсара "Герой" болду, андан кийин эл депутаты болуп удаа эки ирет шайланды. Дегеле, кайын атасы алтындай киши эле. Көп күч берди. 12 баланы төрөп, алардын ичип-жегенин камдаш да оңой эмес да. Кызылча таалысында жүргөнүбүздө аялдар бир тыныгып, эс алгылары келгенде мага белги берип коюшат. Мен болсо алдыда кызылчанын чөбүн чаап бараткан Күлсарага: "Башымды бир аз карап берип койчу же кел башыңды карап берейин" деп тигилердин сообуна каламын.

Күлсара негизи бирөөгө жаман айтпаган, бөтөнчө иштерман, тынчы жок. Убагында көрбөгөн азапты көрүп, абдан кыйналган экенбиз. Кызылчанын чөбүнөн аялдар көрүнбөй, кашкулактын ийинине түшүп, ыйлагандар да болгон. Азыркыдай күндү көрүп олтурганыбызга шүгүрчүлүп кыламын. Кудайдын мунусуна да тобо. Илгери Күлсара менен курдаш болуп жүрсөм, эми кудагыйы болуп калганыбызда кара. Менин неберем Руслан анын жээни Венерага

үйлөнүп, экөөнүн Саадат, Сымбат, Дастан деген балдары бар. Эми эки кемпир чөбөрөлөрүбүздү эркелетип олтурганыбызга ыраазымын...

Кошоева Сабира: - Өзүм муракелик болом. Мында 1950-жылы келин болуп келдим. Чалым Кошоев Касым "актүп" - бригадир, ферма башчысы болуп иштеп өттү. Ал убакта башкарманын, дегеле актүптүн аялы болсун сөзсүз иштөөчү. Мен да адегенде, кенепте, жутта иштеп, кийин кызылчага чыга баштадык. К. Сулайманованы "Герой" деп тергеп келем. Анткени менин кайын энемдин ысымы да ошондой болчу.

Ал кезде кызылчачылардын 4 звеносу болуп, аларды К. Сулайманова, Дөөлөталиева Айша, Таласбаева Бүбай жана Кучумова Маруся башчылык кылышчу. Чынын айтыш керек, мен көбүнчө орустар менен иштедим. Анткени, биз турган көчө башында орустар көп эле.

Касым чарбанын иши дегенде, ичкен ашын жерге койчу. "Эмгек Даңкы", "Эмгек Кызыл Туу" ордендеринин, "Каарман эмгеги үчүн", "Эмгек ардагери" медалдарынын, 1974 - 75 - 79 -жылдардагы "Социалисттик мелдештин жеңүүчүсү", "9-беш жылдыктын эпкиндүүсү" сыяктуу төш белгилердин ээси. Аттиң, тирүү болгондо ал "Герой" жөнүндө узун көп куруп бермек экен...

Бир жолу иштеп жаткан жерибизге райкомдун биринчи катчысы А. Камалов өзү келип, муктаждыгыбызды сурап калды. Биз андан дем алыш күнүн, "выходной" сурадык. Кийин уксак, К. Сулайманова кызылчачыларына жапон жоолуктан сурап, алдырткан экен. Касым ошону эстегенде менин какшыктап. "Силерге эмне, выходной" эле керек да, башка эчтеме ойлобойсуңар" - дечү 1-Майда дагы талаага чыгып иштечүүбүз.

Дөөлөталиева Айша: - 1948-жылдан 1981-жылга чейин кызылчада иштедим. Күлсара баарыбыз күн-түн, ысык-суук дебей кык ташыганыбызды айт. Майрам күндөрүнө карабай талаага чыкчубуз. Иван Пономарев, Сартбай Дүйшөнбеков трактордо, Сретенко комбайнда иштешти. Кожоюнум, Садыр балдар окутат, жайында болсо кызылча сугарчу. Өкмөткө ырахмат. Эмгегибизди баалап, "Ардак тактага" жазып, сыйлыктарын берип Москва, Ленинград,

Киев жана башка шаарларга жолдомо менен жиберип турганычы.

Ашырбаева Асылкан: - Азыркыдай шарт кайда. Кыйын кезде иштеген экенбиз. Буудайбеков араба менен балдарыбызды жыйнап кетет. Күлсара уруксат бергенден кийин келип, эмизип кетебиз. Уруксатсыз жылбайбыз. Майрам, айт күндөрү да чыккан учур болгон. Сугатчыларга экиден кошуп койчу. Өзүбүз да сугарган күндөр болгон. Жолдон баратып түшүп калган кызылча болсо, этегибизге салып алчубуз.

Имакеева Шайлоо: - Биз Күлсара эже депутат болгондо кубанганыбызды айтпа. Кабарчылар келишкен. Аны менен Данаш, Жумагүл, Дарбү, Сайна эжелер башынан иштешип калышты. Биз, кийинки келиндер дагы кызылчаны кол менен жүктөп жүрдүк. Эже дегеле кишиге кара санабаган, мээнеткеч иштермандыгы укмуш, ак көңүл аялзатынан.

Ниязбекова Алпия: - үй жайдагы шартыбызды айтып сүранганыбызда Күлсара эже уруксатын берер эле. Бригадир Касымдан коркчубуз. Укмуш талап этчү. Ал келатканда эле тегерегибизди тазалап, дайынданып турчубуз. Эженин кадыры менен бир топ шаарларды, кыдырып, өзүбүздүн Ысык-Көлгө көп эле бардык. Менимче ушундай даражага мээнеткетчиги менен жетип олтурат.

Түнгатарова Тамара: - Жайылмага келин болуп 1967-жылы келдим. Ошондон он жыл бою Күлсара менен бирге кызылчада иштедим. Андан беш жылдай трактордо олтурдум, кийин фермада саанчы болуп эмгектендим. Эже менен бирге жүрүп, андан таалим-тарбия алып, жаман болгон жокпус. "Ардак Белгиси", "Эмгек Кызыл-Туу" ордендери, ВДНХнын күмүш медалы, "Эмгек ардагери" медалы, 1970 - 87 жылдардагы социалисттик мелдештин жеңүүчүсү" төш белгилери менен сыйландым. Эжени насаатчым десем да болот. Эң эле жөнөкөй, бой көтөргөндү, билбеген, абдан мээнеткеч жан. Жөнөкөйлүгү менен бала кыялдыгы да өзүнө тартып тургансыйт. Аны менен жүрсөң эч кысынбайсың да. Бир жолу экөөбүз ВДНХга барганбыз. Т. Кулатов өзү таанып тосуп алды. Мозамбиканын Президенти келип, - кеткенине күбө болгонбуз. Биздин, кызылчачылардын таламын талаша биле турган. Иш дегенде жанын

берчү. Трактордуу өздөштүрүү жөнүндөгү оюмду ага айтканымда ал да, Касым да колдоду. Анткени, механизаторлордун айрымдарынын мас болуп алышып, ишке кайдыгер мамиле кылышкандыгы кабатыр кылды. Өз мээнетибизди ушуларга жедиргенден көрө өзүбүз эле аракет кылсак болбойбу, - дегем. 1978-жылы болсо керек. Сары-Коодо кызылча айдадык. Жаадырып сугаргыч менен мен өзүм Н. Лукин менен кезектешип жүрүп сугардым. Ошондон 480 центнерден түшүм жыйнап алганбыз. Азыркылар андай кайрак жер эмес, сугат жерден анын жарымын да ала албай жатышат. Мээнетибизге жараша жолдомо менен Советтер Союзунун чоң-чоң шаарларын кыдырдык. Мен Болгария, Румынияга чейин барып келдим. Балтика боюндагы республикаларга да барганыбыз жаакшы таасир калтырды.

Биздин Панфилов аймагынын даңкын алыска чыгарган даңктуу кызыбызды, Күлсара Сулайманованы тарбиялап чыгарган Панфилов атындагы чарбанын жетекчилери жана кесиптештери менен жолугуп, сурамжылап, "Социалисттик Эмгектин Баатырынын" бейнесин толук тартуулоого аракет кылуудабыз. Өкүнүчтүүсү, Баатыр эжебиз туурасында көп нерсени айтып бере турган атасы менен энеси, эжеси Бүбайша, өмүрлүк жолдошу Бейшенаалы, кайын атасы Сулайман карыя арабызда жок. Күлсара эже алардын ысымын оозунан түшүрбөй ар убак бата кылып, керектүү учурларда куран окутуп пендечилик милдетин аткарып келет.

Билгендерин, уккан-көргөндөрүн жана ошондой эле көп жылдар бою кызылча талаасында бел чечпей эмгектенген кызылчачылардын-кесиптештеринин арасынан да жарык дүйнө менен кош айтышып кеткендерин эстеп койгонубуз жөндүр. Алар:

Абдылдаев Атыйка	Айдаралиева Дарбү
Кутманалиева Маспур	Кабаева Жаңылбү
Кармышева Бурма	Ковалева Татьяна
Жумабаева Тынчтык	Жумабаева Салима
Жумабаева Алымбү	Жылышпаева Жуман
Жунушалиева Салича	Макиева Айша
Пономарева Валентина	Ременюк Надежда
Сатыбалдиева Гүлүмбү	Таласбаева Бүбай

Үсөнбаева Зулайка Чойгараева Мунар

"Социалисттик Эмгектин Баатыры" жана "Баатыр Эне" Сулайманова Күлсара Абдылда кызы менен кызылчада эмгектенгендер:

Абдылдаева Бурма
Алыкеева Оңол
Алыкулова Күлүйпа
Ашырбаева Асылкан
Алтыкеева Саамай
Бакыбаева Дарыя
Бектеналиева Зулайка
Бектеналиева Гүлжан
Гайнулина Мария
Дөөлөтөлиева Айша
Дүшөнбекова Оңол
Жумагулова Жумагүл
Жумашева Токтобү
Жумалиева Ырыс
Иманкулова Нурбү
Кайназарова Токтом
Касымова Турсун
Кошоева Сабира
Макиева Бурулкан
Ниязбекова Алпия
Ниязалиева Калый
Орозумбекова Уруя
Сүйөркулова Уруйкан
Түнгатарова Тамара
Үмөталиева Эльвира
Чоңмурунова Калима
Шейшеналиева Токон
Абдыкулова Бүбайша
Абдылдаева Рапкан
Алымбекова Кенже
Асанбекова Уулбек
Абдыкулова Токон
Бектурганова Сыйнат
Бектурганова Шамшакүл
Бектурганова Жаңылыш
Гараева Сурур
Дүйшөналиева Жеңиш
Жайлообекова Данаш
Жайылова Сайна
Жундубаева Жүкүш
Имакеева Шайлоо
Иманкулова Сонунбү
Карабаева Гүланда
Кошоева Турсун
Медетова Сайна
Михайлова Антонина
Нурбекова Сайракан
Осмоналиева Мария
Ременюк Лида
Сатаркулова Жанай
Тентекова Бүбайра
Үмбөтова Бейшебү
Шейшеналиева Анарбү


Мына ушул ысымдары аталып кеткен кызылчачылар өздөрүнүн кажыбас жана кайратман эмгектери менен Күлсара Сулайманованы Социалисттик Эмгектин Баатыры катары



Бейшенаалы менен Күлсара Жалал-Абад курортунда эс алууда. 1970-ж.



Күлсара жана Бейшенаалы кызы Базаргүл, небереси Аскат менен Москвада. Кызыл аянт, 1987-ж.



Бейшенаалы жана Күлсара балдары менен, 1973-ж.



Күлсаранын иниси - келини - Зарылбек-Атыйка. 1984-ж.



Баарыңарга бакыт-таалай каалайм!



Тун уулу Жетимиштин 40 жашка толгонунда.
Кайыңды, 1989-ж.



Неберелери: Аскат, Кубат, Урмат менен.



Кызы Базаргүл неберелери-Саадат, Сымбат менен.



Неберелери: Жылдыз, Аскат, Мурат жана кошуна кыз.



Баатыр эненин колундагы Жеңиштин балдары: Кубат, Урмат, Нурзат.



Баатыр эне, кыз-күйөөсү-Сайрагүл-Мирмуханбек,
небереси Дияз, кудачасы-Айша.




Кыз-келиндери, неберелери: Нургүл, Гүлүмкан, Гүлнар,
Азимкан, Элмира, Жамиля, Айнагүл,
Канат, Марат, Адилет, 1995-ж.



Ренат, Күмүш, Айжан,
Жамиля. Кайынды. 1998-ж.




Кызы-Сайракүл,кыз-күйө-
өсү-Назгүл-Жаныбек, чөбөрө
Улукбек, небереси-Дияз.



Венера, Сымбат, Руслан,
Саадат. 1999-ж.



Жениш, Венера, Нургүл,
Бактыгүл, Айнагүл, Алмаз,
Жөкөн, Болот. 1977-ж.



Баатыр эне, кызы Айнагүл, келиндери-Жамиля,
Гүлнарина небереси-Нурдан.



Уул-келиндери: Болот, Азимкан, Гүлүмкан, Гүлнарина,
Жылдыз, Нурила, Саламат, Кубат, Марат, Рахат. 1998-ж.



Небересрелери: Айжан, Урмат, Ренат менен.




Уул-келини, Алмаз-Элмира, небересрелери: Адилет. Канат менен Ысык-Ата курорттунда. 1999-ж.



Уулдары-келиндери, Болот-Гүлнарина, Жеңиш-Азимкан, небересрелери: Саламат, Кубат, Урмат, жана туугандары.



Айнагүл - Ракым: Медербек, Бурул, Алтынай, Нурила, Гүлира. 1998-ж.



Эркин - НургҮл: Нурджан, Ажар. Қайыңды - 1999-ж.



Кыргызстандын элдеринин I Курултайындагы ардактуу орунда:
М. Шеримкулов, К. Үсөнбеков, А, Акаев, К. Сулайманова, Т. Усубалиев.
Бишкек. 1994-ж, 22-январь.

таанытышты. Илгертен элибизде айтылып келгендей: "Атын атасы куту сүйүнөт" дегендей жайылмалык кызылчачылардын жалындуу жана күжүрмөн эмгеги кийинки муун үчүн үлгү болуп каларына ишенебиз. Бул звенодо бир катар "Баатыр энелер" да иштегендигин жогоруда баса айтып кеткен элек. Бул тизмеде Орто-Арык. Панфилов, Партсъезд айылдарынан да келип, Күлсара эже менен бирге иштеген насиптеш апаларыбыз да бар.

Ушул күндө 70ке чыккан "даназалуу эжебиз эмне менен алек болуп жатты экен?" деген суроо өзүнөн-өзү оозго келе тургандыгы бештен белгилүү. Башкалардай эле бала-бакырасы менен бакыбат турмушта жашап жаткандыгына кубанычтабыз. Албетте, кандай гана инсан жөнүндө болбосун анын жеке турмушуна байланыштуу көптөгөн суроолорго жооп алгыбыз жана билгибиз келери шексиз. Ошондон улам, көпчүлүктөн ышкысын эске алып, "Баатыр эне" Күлсара Абдылда кызынан бала-бакырасы жөнүндө сурамжылап, мына буларды уктум:

Тун уулубуз Жетимишбай 1949-жылы туулган. Авто-жол техникумун бүтүргөн. Келиним Гүлүмкан Жайылма мектебинде мугалим. Жетимиш менен Гүлүмкандан-Жылдызкан, Аскат, Мурат, Рахат. Районубуздун борбору Кайыңдыда турушат.

Базаргүл - 1952-жылы туулган. Кыргыз мамлекеттик Университетинин физика-математика факультетин бүткөн. Илимдер Академиясында иштейт. Күйбөө балам Ишен экөөнөн - Венера. Ал болсо курдашым жана сырдашым болуп жүргөн Жайлообекова Данашка келин болгон. Анын неберси Руслан менен Венерадан-Саадат, Сымбат, Дастан.

Үчүнчүм - Рысбек 1954-жылкы болчу. Айдоочу болуп иштеп жүрчү. 22 жашында кырсыктан каза болгон.

Сайрагүл - 1966-жылы туулган, күйөө бала Мирмуханбек экөө тең политехникалык институттуу бүтүрүшкөн. Азыркы учурда Кара-Балтада турушат. Райондун архитектура бөлүмүндө иштешет. Мирмуханбек менен Сайрагүлдөн- Назгүл, Дияз. Ал эми жээним Назгүл менен Жаныбектен-Улукбек.

Күмүшбек - 1957-жылкы. Ал Кыргыз мамлекеттик университетинин география факултетинде 4-курсуна чейин окуган.

Келинчеги Жамиля Кара-Балтадагы тамак-өнөр жайы техникумун аяктаган. Күмүш менен Жамилядан-Айжан, Ренат. Кайындыда турушат.

Айнагүл - 1959-жылы туулган. № 19 кесиптик - техникалык окуу жайын бүткөн. Жайылмалык күйөө балам Ракым экөөнүн - Гүлира, Нурила, Алтынай, Бурул, Медер деген балдары бар. Жайылма айылында турушат.

Болот - 1963-жылкы болуп жүрөт. Келиним Гүлнарина Кайындыдагы кант заводунда иштейт. Болот менен Гүлнаринадан - Саламат, Азат, Марат. Жайылмада турушат.

Мындан улуу Майрамгул деген кызым бар эле. Узакка созулган оорудан жер жазданып кетти, каралдым ай.

Алмаз 1965-жылкы, Архитектура курулуш институтун сыртан окуп жатат. Кара-Балтадагы ишки иштер бөлүмүндө иштейт. Келинчеги Элмира экономфакты бүткөн. Кара-Балтада турушат. Алмаз менен Элмирадан - Адилет, Канат.

Бактыгүл - 1966-жылы туулган. Ал дагы университеттин физматын бүтүргөн. Орто - алыштык күйөө балам Турат экөөнөн - Талгат, Максат, Чоро.

Жеңишбек - ууулдарымдын эң кенжиси, 1968-жылы туулган. Келинчеги Азимкан медициналык окуу жайын бүтүргөн. Мен азыр ушул кенжемдин колундамын. Женишбек менен Азимкандан - Кубат, Урмат, Нурзат.

Нүргүл - кыздардын эң кенжеси. 1972-жылкы болуп жүрөт. Орус тили жана адабияты институтун бүтүргөн. Күйөө балам Эркин дене тарбия институтунда билим алган. Кайындыда турушат. Эркин менен Нургүлдөн - Нурдан, Ажар.

Ошентип, 10 баламан 27 небере, 4 чөбөрө көрүп Кудайдын мына ушунусуна да тобо деп жүрөмүн, - деди Эже дасторкон четине келип калышкан небереси Нурзат менен чөбөрөсү Сымбатка бирден алманы колдоруна карматып жатып.

Учурда балдары Жетимиш, Күмүш, Болот, Жеңиш эл катары жерди иштетип түшүмдү мол алуунан аракетинде. Бир аз жерине кызылча айдалган эле. Ага жардамдашуудан Баатыр эне эч качан кача турган эмес. Бала-чаканы тез ишти бүтүргүлө деп ашыктырып

турат. Анткени, азыркыдай күндө "Аракет кылсаң гана береке болот".

Ооба, өзүнүн нарктуу жана накыл кеби менен Сулайманова Күлсара Абдылда кызы өз бала-чакасынын гана эмес, биздин аймактагы калктын урмат-сыйына ээ болуп турган убагы. Анткени анын жеке эмгектик жана энелик эрдиги туурасында ар кимибиз узун көп козгоп, жаштарды Мекенибиздин жаркын келечеги үчүн мыкты уул-кыздардан кылып тарбиялап өстүрүүнүнүн бардык аркетин жасап жатканыбыз чындык.

Социалисттик Эмгектин Баатыры жана Баатыр эне Сулайманова Күлсара Панфилов районудагы гана эмес, республикабыздын деңгээлинде өткөрүлө турган майрамдык салтанаттарга жана коомдук-саясый мааниси зор жыйындарга, чогулуштарга ардактуу конок катары үзбөй катышып келүүдө. Башкасын айтпаганда дагы 1994-жылдын 22-январында Бишкек шаарыбызда болуп өткөн Кыргызстандын элдеринин 1 Курултайын эсибизге салып көрөлүчү:

Борборубуздагы Токтогул Сатылганов атындагы мамлекеттик филармониянын кенен залы жергебизде жашаган ар улуттардын өкүлдөрүнө-ардактуу мейман катары чакырылган боордошторубузга жык толгон. Бир маалда жарык өчүрүлүп, кең сахнада Умай энебиз пайда болуп, элибизди ынтымакка, биримдикке, бейкуттукка чакырган жалындуу сөзүн айтып, энелик мээримин чачып, чогулган элди аластап, чычаланы-факелди жандырды.


Зал ичи жарык болгондон кийин Кыргыз Республикабыздын Президенти Аскар Акаев баштаган өкмөт башчыларыбыз жана эң ардактуу коноктorубуз кирип келишти. Бул көрүнүш ошол Кыргызстандын элдеринин 1 Курултайына келген ар бир атуулдун эсинде түбөлүккө сакталып кала тургандыгы анык. Мына ушул эң жоопту милдетти-Курултайды ачуу аземин ачып, баарын ойдогудай аткарган Умай энебиз-биздин Панфилов районунун атуулдарынын сыймыгы жана сүймөнчүгү болгон - Күлсара эжебиз эле.

Кыргыздын маңдайына бүткөн жылдыз жана берсин!!!

МАЗМУНУ

Алгы сөз	5
Аккан суудай күндөр өттү агылып	8
Ал талааны, талаа аны сагынып	19
Мончок-мончок мандай терлер агылды	29
Жылдыз болуп, көкүрөккө тагылды	47
Баатыр эне эмгенинен тааныльды	70
Айкын мээнет аныз болуп айтылды	92

ЖЕКШЕН



ЖЕТИГЕН

Бул китепти жазган Турусбеков Жекшенбек Жакыпбек уулу Панфилов аймагындагы Киров айылында тоок жылы туулган. Айылдык мектепти эң мыкты аяктаган соң Алма-Ата шаарындагы Жогорку аскердик окуу жайын бүтүп, Советтик Армиянын офицери катары Ашхабад шаарындагы Туркестан аскер округуна караштуу ооганчы-жоокерлер даярдалган аскер бөлүгүндө кызмат өтөгөн. Машыгуу маалында кырсыкка кабылып, бутунан ажыраган.

Атуулдук эмгек жолун айылдык мектепте, райгазетанын редакциясында уланткан. Учурда Панфилов райондук «Эмгекке даңк» газетасынын башкы редакторунун орун басары. 1990-жылдан бери СССРдин жана Кыргызстандын Журналисттер Союздарынын мүчөсү. 1996-жылы эки китептен турган «Алыкулга таазим» даректүү баянын жазгандыгы жана өз каражатына чыгаргандыгы үчүн Кыргызстандын эркин Жазуучулар Союзуна кабыл алынган. Эки ирет Кыргызстандын Журналисттер Союзунун Ардак грамотасы менен сыйланган. 3 баланын атасы. Кайыңды кыштагында турат.

ЖЕКШЕН ЖЕТИГЕН

(Турусбеков Джекшенбек Джакыпбекович)

«КҮЛСАРА»

Документальная повесть о жизни и трудовой деятельности знатной свекловодчицы: «Героя Социалистического Труда», «Мать - героини» Кульсары Сулаймановой.

Подписано в печать 01.09.2000 г.
Формат 60 х 84 1/16
Бумага офсетная
Печать офсетная
Условных печ. л. 5, 75
Зак. 1034
Тираж 350 х 60
Отпечатано в Типографии АО «КГРК»
722030 г. Кара-Балта, пр. Труда, 13
2000 г.